КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ
КОНСТИТУЦИОННЫЙ СУД

# 2022

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫ



МАЗМУНУ:

*Кириш сөз*...3

*Конституциялык соттун курамы*...5

*2022-жыл ичинде Кыргыз Республикасындагы конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө Конституциялык сотунун маалыматы*...20

Конституциялык сотко 2022-жылы келип түшкөн кайрылууларга кыскача сереп...22

Конституциялык соттун 2022-жылында кабыл алынган чечимдерине сереп...22

Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышына сереп...37

Корутунду...42

*Сот адилеттигин ишке ашыруу сапатын жогорулатууну камсыз кылуу*...44

Кайрылуулардын статистикасы...45

Конституциялык сот өндүрүшүнүн процесси...46

2022-жылга кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептерин талдоо...50

Иш-чаралар...53

*Эл аралык кызматташтык*...68

Конституциялык сот эл аралык уюмдардын мүчөсү катары...68

Эл аралык иш-чаралар...69

*Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ишинин ачыктыгы жана айкындуулугу*...77

Жарчы...77

Расмий сайт...78

*Коомчулук менен өз ара аракеттенүү*...80

Студенттер арасында республикалык дилбаян сынагы...80

Конституционализмдин жайкы мектептери...82

*Конституциялык соттун Аппараты*...87

Конституциялык соттун аппаратынын даражасын жогорулатуу...91



# Кириш сөз

Бардык демократиялык мамлекеттерде Конституциянын маанилүүлүгү жана имманенттүүлүгү ушул актынын фундаменталдык, негиз салуучу, уюштуруучу мүнөзү менен шартталган. Жогорку юридикалык күчкө ээ болгон жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулган Конституция бардык мыйзамдардын платформасы болуп саналат. Баш мыйзамда бекемделген конституциялык баалуулуктарды Конституциялык сот коргойт жана турмушка ашырат, анын башкы милдети текшерилүүчү мыйзам (мыйзамдын ченеми) Конституциянын жоболоруна канчалык даражада ылайык келүүсүнө баа берүүдө турат, ал конституциялык орнотмолорго туура келбесе, талашылып жаткан ченемди колдонуудан алып салууга алып келет.

Алсак, Конституциялык сот мыйзамдарды конституциялык текшерүү аркылуу Конституциянын үстөмдүгүнүн жана реалдуу демократиялык мамлекеттин иштешинин кепилдигин камсыз кылат, анткени ал өзүнүн чечимдери менен адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуунун иштиктүү механизмин иштеп чыгууга өбөлгө түзөт. Конституциялык контролдоо органынын, Конституциянын өзүнөн тышкары, башка мыйзамдардан ашкан жыйынтыктоочу чечимдеринин юридикалык күчүн эске алуу менен, Конституциялык соттун укуктук позициялары ченем жаратуучу органдарды мыйзамдарда конституциялык ченемдерди жана баалуулуктарды ырааттуу жана максаттуу ишке ашырууга багыттайт.

Конституциялык сот Конституцияны коргоо функциясын гана аткарбастан, компетенция боюнча талаштарды кароо аркылуу коомдук бийлик органдарын Конституцияда так аныкталган чектерде кармап турат. Мында, мамлекеттик бийлик органдарынын ортосундагы компетенция жөнүндө талашты чечүүдө Конституциялык сот укук маселелерин гана чечет жана саясий максатка ылайыктуулук маселелерине байланышы мүмкүн эмес.

Ошентип, конституциялык сот өкүлчүлүк демократия институттарынын ортосундагы өзгөчө калыс болуу менен, алардын конституциялык талаанын чегинен чыгуусуна жол бербей жана бийликти кыянаттык менен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн болтурбай, мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда өзгөчө орунду ээлейт, мамлекетте демократиянын укук үстөмдүгү принциптерине ылайык иштешин камсыз кылат.

Конституциялык контролдоо органы өз ишин транспаренттик түрдө жүзөгө ашыруу менен коомчулук үчүн кабыл алынган актылар жөнүндө, конституциялык сотко кайрылууларды (өтүнүчтөрдү, сунуштамаларды, суроо-талаптарды) киргизүүнүн көйгөйлөрү жөнүндө маалыматты, аткарылган чечимдер жөнүндө маалыматты, статистикалык маалыматтарды, ошондой эле конституциялык сот адилеттиги органынын иши жөнүндө башка маалыматтарды камтыган Жылдык баяндаманы жыл сайын жарыялайт.

# Конституциялык соттун курамы

*«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык Конституциялык соттун курамы тогуз судьядан турат.*

| | |
|---|---|
| Төрага | Эмиль Жолдошевич Осконбаев |
| Төраганын орунбасары | Карыбек Арстанбекович Дуйшеев |
| Судьялар | Чинара Аскарбековна Айдарбекова |
| | Мээргуль Рыскулбековна Бобукеева |
| | Лунара Чаткалбековна Жолдошева |
| | Латип Пазылович Жумабаев |
| | Мукамбет Шадыканович Касымалиев |
| | Кырккелди Джумалиевич Кыдырбаев |
| | Жамил Асанбекович Шаршеналиев |



## Конституциялык соттун төрагасы
## Эмиль Жолдошевич Осконбаев

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп шайланды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы №27 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы болуп 5 жылдык мөөнөткө дайындалды.

Нарын облусунун Нарын шаарында 1964-жылы 1-январда туулган. 1986-жылы М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин (ММУ) юридикалык факультетин "укук таануу"адистиги боюнча аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1986-1987-жылдары Нарын облусунун Тянь-Шань райондук сотунда стажер болуп иштеген.

1987-1993-жылдары Кочкор районунун прокурорунун жардамчысы, андан кийин Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тергөө башкармалыгынын прокурору, Бишкек шаарынын Биринчи май районунун прокурорунун орун басары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун өзгөчө тапшырмалар боюнча улук жардамчысы болгон.

1993-1995-жылдары Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун укуктук экспертиза бөлүмүнүн башчысы, аппарат жетекчиси кызматтарын ээлеген.

1999-2011-жылдары "Паритет" адвокаттык компаниясын жетектеген.

2011-жылы 15-августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп шайланган.

2019-жылдын 1-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төрагасынын орун басары болуп дайындалган.

Жогорку квалификациялык класстын судьясы.

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген юристи.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын I даражасы медалы жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын башка ведомстволук сыйлыктары менен сыйланган.



## Конституциялык соттун төрагасынын орун басары Карыбек Арстанбекович Дуйшеев

1961-жылы 4-августта Ош облусунун Өзгөн районунун Өзгөн шаарында туулган.
1983-жылы М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин (ММУ) юридикалык факультетин "укук таануу"адистиги боюнча аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1987-1989–жылдары - Кыргыз ССРнин философия жана укук институтунун укуктук проблемалар секторунун кенже илимий кызматкери.
1989-1991-жылдары - Кыргыз ССРнин жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасынын жардамчысы, жетектөөчү адис-юристи.
1991-1994-жылдары - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин I категория боюнча адиси, министрдин жардамчысы, кадрлар бөлүмүнүн начальниги.
1994-1996-жылдары - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кадрдык иштер бөлүмүнүн кадрлар секторунун башчысы.
1996-жылы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын юридикалык бөлүмүнүн сот органдарынын секторунун эксперти.
1996-2002–жылдары - Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин директору.
2002–жылдын октябрынан 2005–жылдын сентябрына чейин - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын юридикалык бөлүмүнүн бөлүм башчысынын орун басары-укуктук реформалар секторунун башчысы.
2005-2007-жылдары - Кыргыз Республикасынын Шайлоолор жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын кеңешчиси.
2009-2010-жылдары - Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Аппаратынын эксперттик-укуктук бөлүмүнүн эксперти, кадрлар секторунун башчысы.
2010-жылы - Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Аппаратынын прокуратура, Финансы полициясы органдарынын ишин координациялоо жана сот органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн сот органдары менен өз ара аракеттенүү боюнча секторунун башчысы.
2010-2011–жылдары - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын сот органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын сот органдары бөлүмүнүн башчысы.
2013-2014-жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын кеңешчиси.

2014-жылдын октябрынан 2019-жылдын июнуна чейин Укукту өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) соттук реформа боюнча кеңешчиси.
2019- жылдын 20- июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп шайланган.
2019-жылдын 1-июлунан тартып - КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төрагасы.
Юстициянын 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси.
Биринчи квалификациялык класстын судьясы.
Юридика илимдеринин кандидаты.
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын ведомстволук сыйлыктары, Казакстан Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгы менен сыйланган.



**Конституциялык соттун судьясы**
**Чинара Аскарбековна Айдарбекова**

1970-жылы 11-мартта Талас облусунун Ленинпол районундагы Ленинполь айылында туулган. Орто мектепти артыкчылык (медаль) менен аяктаган. 1992-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин "укук таануу" адистиги боюнча аяктаган. 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясынын магистратурасын мамлекеттик башкаруу адистиги боюнча аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1992-1997-жылдары Бишкек шаарынын эл депутаттарынын Биринчи май райондук кеңешинин административдик комиссиясынын катчысы, депутаттар менен иштөө боюнча адис;

1997-1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондунун башкы адиси;

1998-1999-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын улук консультанты;

1999 — 2006 АРД/Чекки (ЮСАИД)коммерциялык укукту өнүктүрүү боюнча долбоордун улук юрист — менеджери;

2005-2007-жылдары КМЮАнын Магистратура, аспирантура жана башка улуттук билим берүү программалары борборунун ага окутуучусу;

2007-2013-жылдары Чүй облустук юстиция башкармалыгынын начальниги, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ЧУА иштеп чыгуу жана мыйзам долбоорлорун экспертизадан өткөрүү боюнча башкы башкармалыгынын начальниги;

2013-2020-жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы, судья-катчысы;

2020-2023-жылдары - "Аял-судьялардын кыргыз ассоциациясы" коомдук бирикмесинин Байкоочу кеңешинин төрайымы;

2021-2022-жылдары - ЮСАИДдин "Укук булагы" долбоору, сот бийлигинин жана укуктук кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча Программанын жетекчиси;

2022-жылдын 7-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы болуп шайланган.

Класстык чен: Биринчи квалификациялык класстагы судья, юстициянын 1-класстагы кеңешчиси.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин юбилейлик медалы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын министрлигинин "Юстициянын отличниги" медалы, Кыргыз

Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын I даражасы медалы менен сыйланган.
"Кыргызстандын юристтери" ассоциациясынын, Кыргыз аял-судьялар ассоциациясынын, Эл аралык аял-судьялар ассоциациясынын мүчөсү.



## Конституциялык соттун судьясы
## Меергуль Рыскулбековна Бобукеева

1970-жылы 20-декабрда Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында туулган.
1993-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин "укук таануу"адистиги боюнча аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1993-жылдын августунан 1995-жылдын сентябрына чейин КР Юстиция министрлигинин мыйзам долбоорлорун даярдоо жана мыйзамдарды системалаштыруу башкармалыгында адис болуп эмгектенген.
1995-жылдын сентябрынан 1996-жылдын июлуна чейин КР Юстиция министрлигинин мыйзам долбоорлорун даярдоо жана мыйзамдарды системалаштыруу башкармалыгынын башкы адиси болуп иштеген.
1996-жылдын июлунан 1999-жылдын февралына чейин КР Юстиция министрлигинин мыйзам долбоорлорун даярдоо жана мыйзамдарды системалаштыруу башкармалыгынын начальнигинин орун басары-бөлүмдүн начальниги кызматын ээлеген.
1999-2012-жылдары эл аралык уюмдарда укуктук маселелер боюнча эксперт жана кеңешчи болуп иштеген.
2012-жылдын 21-ноябрында Жогорку Кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп шайланган.
2016-жылдын 1-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судья-катчысы.
2019-жылдын 1-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судья-катчысы болуп кайрадан шайланды.
2019- жылдын 21-ноябрынан тартып 7 жылдык ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу судьянын ыйгарым укуктары токтотулган.
2020-жылдын 26-февралында Жогорку Кеңеш тарабынан жаш курагынын чегине жеткенге чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп кайрадан шайланган.
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын I даражасындагы медалы менен сыйланган.
Юстициянын отличниги.

"Кыргызстандын юристтери" Ассоциациясынын, Кыргыз аял-судьялар ассоциациясынын, Эл аралык аял-судьялар ассоциациясынын мүчөсү.
Жогорку квалификациялык класстын судьясы.



## Конституциялык соттун судьясы
## Лунара Чаткалбековна Жолдошева

1978-жылы 21-январда Талас шаарында туулган.
Кыргызстандын эл аралык университетинин Дипломатия жана эл аралык укук факультетинин жана Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясынын Юриспруденция факультетинин бакалавры.
Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академиясында сот бийлиги, прокурордук көзөмөл жана адвокатура адистиги боюнча магистратураны аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

2000 - 2007-жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын консультанты, улук консультанты;
2007-2011-жылдары - Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин жардамчысы, министрлигинин юридикалык бөлүмүнүн башчысы;
2011-2015 – жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Сот-укук маселелери жана мыйзамдуулук боюнча комитетинин бөлүм башчысынын орун басары;
2015 – 2021-жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинин бөлүмүнүн сот-укуктук маселелер боюнча секторунун башчысы;
2021-2022-жылдары - Судьяларды тандоо боюнча кеңештин төрагасынын орун басары;
2021-2022-жылдары - "Медиация Улуттук борбору" коомдук бирикмесинин юристи;
2022-жылдан тартып азыркы учурга чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинде тартылган лектор;
2022-жылдын 07-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы болуп шайланган.
"Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси" класстык чени.
Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталары, Жогорку Кеңештин юбилейлик медалы, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын медалы менен сыйланган.
Юстициянын отличниги.
Эл аралык аял-судьялар ассоциациясынын мүчөсү.



**Конституциялык соттун судьясы**
**Латип Пазылович Жумабаев**

1956-жылы 10-июнда Ош облусунун Өзгөн районундагы Кароол айылында туулган.
1985-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин "укук таануу"адистиги боюнча аяктаган.
**Эмгек ишмердүүлүгү:**
1985-1991-жылдары - Ош облусунун Жаңы Жол районунда стажер, тергөөчү, прокурордун жардамчысы болуп иштеген.
1991-1994-жылдары - Ош облустук прокуратурасында улук тергөөчү, өзгөчө маанилүү иштер боюнча тергөөчү болуп иштеген.
1994-1995-жылдары - Чүй облусунун Ысык-Ата районунун прокурору.
1995-1996-жылдары - Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун прокурору болуп иштеген.
1996-1999-жылдары - Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокурору.
1999-2000-жылдары - Чүй облустук прокуратурасынын прокуратура, ички иштер жана салык полициясынын органдарында кылмыш иштерин тергөөнү көзөмөлдөө боюнча бөлүмүнүн улук прокурору болуп иштеген.
2000-жылдан 2017-жылга чейин прокуратура органдарында, анын ичинде жогорку кызматтарда иштеген.
2019-2020-жылдары - Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасындагы туруктуу өкүлү.
2020-жылдын 26-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Конституциялык палатанын судьясы болуп шайланган.
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын II даражасындагы медалы жана башка бир катар сыйлыктар менен сыйланган.
Биринчи квалификациялык класстын судьясы.



**Конституциялык соттун судьясы**
**Мукамбет Шадыканович Касымалиев**

1960-жылы 3-февралда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылында туулган.
1977-1979-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.
1986-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин "укук таануу" адистиги боюнча аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1986-1987-жылдары - Кыргыз Мамлекеттик университетинин жарандык укук жана процесс кафедрасынын окутуучусу.
1987-1991-жылдары - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик коопсуздук комитетинин тергөө бөлүмүндө тергөөчү, улук тергөөчү болуп иштеген.
1991-1993-жылдары - Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратында референт, эксперт, сектор башчысы.
1993-1995-жылдары - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын укуктук бөлүмүнүн башчысынын орун басары.
1996-жылдын январынан майына чейин юстиция министринин орун басары болуп иштеген.
1996-жылдын майынан 1998-жылга чейин юстиция министринин биринчи орун басары болгон.
1998-1999-жылдары - Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын юридикалык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.
1999-2004-жылдары - Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматынын башкармалыгынын начальниги.
2004-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысынын орун басары.
2005-2007-жылдары - Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматынын башкармалыгынын башчысы.
2007-2012-жылдары - Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин орун басары.
2012-жылдын 21-ноябрында Жогорку Кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп шайланган.
2013-жылдын 1-июлунан 2016-жылдын 30-июнуна чейин - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төрагасы.
2016-жылдын 1-июлунан тартып - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы.
2019- жылдын 21-ноябрынан тартып 7 жылдык ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу судьянын ыйгарым укуктары токтотулган.

2020-жылдын 26-февралында Жогорку Кеңеш тарабынан жаш курагынын чегине жеткенге чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы болуп кайрадан шайланган.
Жогорку квалификациялык класстагы судья, мамлекеттик кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси.
Генерал-майор.
Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, "Даңк"медалы менен сыйланган.
Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген юристи,
Кыргыз Республикасынын Юстициясынын отличниги.
Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин мүчөсү,
Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин тартип комиссиясынын төрагасынын орун басары.
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын I даражасындагы медалы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин, Ички иштер министрлигинин жана башка министрликтер менен ведомстволордун, ошондой эле бир катар чет мамлекеттердин 30дан ашык медалы менен сыйланган.



### Конституциялык соттун судьясы
### Кырккелди Джумалиевич Кыдырбаев

1961-жылы 1-апрелде Чүй облусунун Жайыл районундагы Ак-Башат айылында туулган.
1983-жылы СССР ИИМнин Караганда жогорку мектебин артыкчылык диплому менен аяктаган.

**Эмгек ишмердүүлүгү:**

1983-1988-жылдары - Кара-Балта шаардык ИИБ ОБХССИНДЕ инспектор, улук ыкчам кызматкери кызматында иштеген.
1988-1989-жылдары - СССР ИИМ Караганда жогорку мектебинин окутуучусу.
1989-1992-жылдары - РФ ИИМ Москва жогорку милиция мектебинин адъюнкту.
1992-жылы - КР ИИМ Бишкек жогорку мектебинин окутуучусу.
1992-1993-жылдары - КР ИИМ ГУБЭБКНЫН улук ыкчам кызматкери.
1993-1996-жылдары - Талас областынын ИИБ БЭББ башчысы.
1996-жылдын июнунан 1997-жылдын декабрына чейин Талас облусунун ИИБ начальнигинин орун басары.
1997-жылдын декабрынан 1999-жылдын мартына чейин КР Коопсуздук кеңешинин катчылыгынын, КР Президентинин Администрациясынын Коргоо, коопсуздук жана укуктук тартип иштери боюнча бөлүмүнүн референти.
1999-жылдын мартынан 2000-жылдын августуна чейин КР ИИМ Бишкек жогорку мектебинин начальнигинин биринчи орун басары.
2000-2004-жылдары - милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы КР ИИМ академиясынын начальнигинин биринчи орун басары, кафедра башчысы, доцент, начальниктин жардамчысы.
2004-2005-жылдары - КР ИИМ Башкы штабынын башчысы.
2005-2008-жылдары - КР ИИМ башкы тергөө башкармалыгынын башчысы.
2008-2009-жылдары - КР ИИМнин ички коопсуздук кызматынын башчысы.
2009-жылы КР ИИМ Башкы штабынын башчысы.
2009-жылдын декабрынан 2010-жылдын июлуна чейин КР ИИМ кадрларынын карамагында.
2011-жылы - КР Президентинин Аппаратынын жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысынын орун басары.
2011-жылдын августунан 2019-жылдын декабрына чейин - Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ырайым кылуу маселелери боюнча комиссиянын жооптуу катчысы.

2019- жылдын 18-декабрынан тартып Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы.
Юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын классынын мамлекеттик кеңешчиси, милициянын полковниги.
Президенттин жарлыгы менен "Күжүрмөн кызмат өтөгөндүгү үчүн" I даражадагы медалы менен сыйланды, Кыргыз Республикасынын Президентинин атынан кол саат менен, милициянын отличниги, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги.
Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин жана башка укук коргоо органдарынын, ошондой эле бир катар чет мамлекеттердин 30дан ашык медалдары менен сыйланган.
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын II даражасындагы медалы менен.
Биринчи квалификациялык класстын судьясы.



## Конституциялык соттун судьясы
## Жамил Асанбекович Шаршеналиев

1978-жылы 1-январда Фрунзе шаарында туулган.
2000-жылы Кыргыз-Россия (Славян) университетинин юридикалык факультетин "Юриспруденция"адистиги боюнча аяктаган.

**Трудовая деятельность:**

2000-2002-жылдары - Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокурорунун жардамчысы.
2002-2003-жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку Арбитраждык сотунун аппаратынын мыйзамдарды системалаштыруу бөлүмүнүн башчысы.
2003-2009-жылдары - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аппаратынын мыйзамдар менен иштөө боюнча бөлүмүнүн башчысы, мыйзамдар менен иштөө жана соттук практиканы жалпылоо боюнча башкармалыгынын начальниги, судьялардын ишин камсыз кылуу боюнча башкармалыгынын начальниги, соттук коллегиянын ишин камсыз кылуу боюнча бөлүмдүн начальниги.
2009-2010-жылдары - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин нотариат, адвокатура менен иштөө боюнча башкармалыгынын начальниги, апостилдөө боюнча бөлүмүнүн башчысы.
2010-жылдын майынан 2010-жылдын сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын сотто мамлекеттик айыптоо жана прокурорлордун катышуусу башкармалыгынын начальнигинин орун басары.
2010-жылдын сентябрынан 2015-жылдын октябрына чейин Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун судьясы.
2016-2020-жылдары - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык академиясынын административдик жана финансылык укук кафедрасынын доценти.
Доцент, юридика илимдеринин кандидаты, юстициянын 2-класстагы кеңешчиси.
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын II даражасындагы медалы менен сыйланган.
Биринчи квалификациялык класстын судьясы.

# 2022-ЖЫЛ ИЧИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН МААЛЫМАТЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту (мындан ары - Конституциялык сот) конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (мындан ары - Конституция) үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат.

Конституциялык сот кайсы бир коомдук бийликке көз каранды эмес, Конституцияга гана баш ийет.

Конституциялык сот Конституцияга ылайык: 1) Конституцияны расмий чечмелеп берет; 2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын Конституцияга ылайык келүүсү тууралуу иштерди чечет; 3) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берет; 4) мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосундагы компетенциялар жөнүндө талаштарды чечет; 5) ушул Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө мыйзам долбооруна корутунду берет; 6) Президентке каршы айып коюунун белгиленген тартибинин сакталгандыгы жөнүндө корутунду берет.

Конституциялык сот өзүнүн ишмердигин “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда жана Конституциялык соттун Регламентинде бекитилген тартипте ишке ашырат.

Конституциялык сот сот органы катары кайрылуу субъектилеринен кайрылуулар келип түшкөн учурда гана өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарат. Кайрылуучулардын тизмеси “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда белгиленген.

Конституциялык сот өндүрүшкө кабыл алынган чечимдерди кароонун жыйынтыгы боюнча чечимдерди жана корутундуларды чыгарат, алар жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет. Алар акыркы, даттанууга жатпайт, бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

Конституциялык сотто мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар же алардын жоболору конституциялуу эмес болуп таанылганда, алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушу жокко чыгарылат. Аны менен бирге соттук чечимдерди кошпогондо, ушул мыйзамга же жобого негизделген башка ченемдик укуктук актылардын колдонулушу да жокко чыгарылат.

Конституциялык сот күчүнө кире элек эл аралык келишимдерди конституциялуу эмес деп тааныган учурда, алар ишке киргизилбейт жана колдонулбайт.

Конституциялуу эмес деп таанылган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерине негизделип чыгарылган соттук актылар укуктары жана

эркиндиктери бузулган жарандардын даттануулары боюнча ар бир конкреттүү учурда сот тарабынан кайра каралат.

Конституциялык соттун актыны конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө чечиминин юридикалык күчү ушул эле актыны кайра кабыл алуу жолу менен бузулушу мүмкүн эмес. Конституциялык соттун Чечими тикелей иштейт жана башка мамлекеттик органдар же кызмат адамдар тарабынан ырастоону талап кылбайт.

Кароо предметине айланган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдери Конституциялык соттун чечимине ылайык келтирилгенге чейин Конституция жана ченемдик мүнөзгө ээ болгон Конституциялык соттун чечиминин өзү түздөн-түз колдонулат.

Конституциялык соттун чечимдери жана корутундулары мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында", ошондой эле Конституциялык соттун расмий сайтында жарыяланат.

Конституциялык мыйзамдуулукту орундатууда Конституциялык соттун актыларын аткаруу олуттуу мааниге ээ. Аларды аткаруу тартиби "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамда, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" мыйзамдарда аныкталган.

Конституциялык сот мыйзамды Конституцияга толугу менен же жарым-жартылай карама-каршы келет деп тааныган учурда, же болбосо Конституциялык соттун чечиминен укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү кенемтени четтетүү зарылдыгы келип чыккан учурда, Министрлер Кабинети Конституциялык соттун чечими келип түшкөн күндөн үч айдан кечиктирбестен Жогорку Кеңешке көрсөтүлгөн чечимден келип чыккан мыйзам долбоорун киргизет. Мындай мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин депутаттары же мыйзам чыгаруу демилгесинин башка субъектилери тарабынан да демилгелениши мүмкүн. Көрсөтүлгөн мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңеште коомдук талкуу жол-жобосуз, кезексиз тартипте каралууга жатат жана үч окууда бир каралышы мүмкүн.

Эгер конституциялык соттун чечими менен мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыны Конституцияга толугу менен же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таанылган, же болбосо Конституциялык соттун чечиминен укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү кенемтени четтетүү зарылдыгы келип чыккан учурда, актылары сотто кароо предмети болгон мамлекеттик бийлик органдары же өз алдынча башкаруу органдары Конституциялык соттун чечими келип түшкөн күндөн эки айдан кечиктирбестен жаңы ченемдик укуктук акт кабыл алат же ага өзгөртүү киргизет.

Конституциялык соттун актыларын аткарбай коюу, тийиштүү деңгээлде аткарбай коюу же болбосо аткарылышына жолтоо болуу, ошондой эле Конституциялык соттун ишмердигине кийлигишүү мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

"Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамга ылайык сот жыл сайын кабыл алынган актыларына талдоо жүргүзөт жана жалпыга кабар берүү үчүн мындай маалыматты жарыялайт. Конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуу ыкмасы катары Конституциялык соттун актыларын аткаруу бүтүндөй укуктук тутум үчүн олуттуу мааниге ээ жана Кыргыз Республикасынын демократиялык, укуктук мамлекет катары жашап туруусунун жана өнүгүүсүнүн олуттуу шарты болуп саналат, Кыргыз Республикасында Конституцияга ылайык адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери кепилдикке алынган.

Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ, Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында колдонулат жана тикелей иштейт. Кыргыз Республикасында кабыл алынып жаткан мыйзамдар жана башка укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келбеши керек. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, жарандар жана алардын бирикмелери Конституцияны сактоого милдеттүү.

Конституциялык сот мамлекеттик бийликтин башка органдарынын ишмердиги менен бирге конституциялык контролдоонун соттук органы катары Кыргыз Республикасында конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуучу өзгөчө конституциялык маанилүү функцияларды турмушка ашырып келет.

## Конституциялык сотко 2022-жылы келип түшкөн кайрылууларга кыскача сереп

2022-жылы Конституциялык сотко 68 кайрылуу келип түшкөн. Алардын ичинен 10 гана конституциялык өндүрүшкө кабыл алынган (15%). Конституциялык сотко кайрылуулардын көбү жарандар тарабынан берилет (85%), мамлекеттик органдардан (4%), юридикалык жактардан (4%) жана судьялардан (4%) келип түшкөн кайрылуулардын үлүшү анча чоң эмес.

Келип түшкөн кайрылуулар жана даттануулар боюнча Конституциялык сот 10 чечим кабыл алган, Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасына даттануулар боюнча 11 токтом кабыл алынган.

Кабыл алынган 10 чечимдин ичинен талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө 7 чечим; талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 3 чечим чыккан.

Кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун жогорку пайызы (85%) кайрылуулардын жетишсиз деңгээли менен аныкталат, ал жарандардын, юристтердин жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн конституциялык контролдоо органына кайрылуу тартибинен кабары жоктугун күбөлөндүрөт.

Бул жагынан бардык мамлекеттик органдардын, анын ичинен Конституциялык соттун алдында укуктук маданиятты жогорулатууну улантуу, жеке жана юридикалык жактарга ар кандай формада конституционализмдин негиздери тууралуу маалымат берүү милдети турат: бул лекциялар, ЖОЖдордо конституционализмдин борборлорун түзүү, юристтердин ар кандай категориялары, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн конституционализм мектептерин өткөрүлүшүн туруктуу улантуу (судьялар, прокурорлор, адвокаттар, укук адистери, коомдук уюмдардын юристтери жана башкалар); конституционализмдин негиздери боюнча укуктук агартуу жагында жарандык коомдун институттарынын укук адистерин кеңири тартуу жана башкалар.

## Конституциялык соттун 2022-жылы кабыл алган чечимдерине сереп

***1) Конституциялык соттун 2022-жылдын 20-апрелиндеги чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен

бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө күчүн жоготкон Убактылуу Жобонун колдонулушу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 95-беренесинин 4-бөлүгүнө, 96-беренесинин 1 жана 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылган.

Бул Чечимде төмөндөгү укуктук позициялар түзүлгөн.

> *Сот адилеттигинин жана аны жүзөгө ашырууга чакырылган адамдардын мамлекет жана коом үчүн ушунчалык чоң мааниге ээ экендиги априори эч кандай шек жаратууга болбой турган негиз салуучу принциптер Баш Мыйзамда көтөрүңкү жана буйруктуу көрсөтмөлөр менен баяндалганында ачык түрдө көрсөтүлүп турат. Сот адилеттиги адамдын тагдырына гана эмес, коомдун адеп-ахлактык руханий абалына, анын андан аркы өнүгүү багытына, ал тургай келечек муундардын тагдырына да түздөн-түз таасирин тийгизет жана көп учурда өзгөртөт.*
>
> *Судьяны жоопкерчиликке тартуу мүмкүндүгү анын өкүмчүл ыйгарым укуктарын жана жеке кол тийбестигин тең салмактоо үчүн маңызы боюнча жалгыз каражат болуп саналат жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу сыяктуу өзгөчө маанилүү мамлекеттик функцияны ишке ашырууда өз билемдикке жол бербөө максатын көздөйт. Анын үстүнө, тең салмактуулук касиетинин бузулушуна жол берилбестиктин күчүнөн улам судьялардын жоопкерчилик тутуму үзгүлтүксүз мүнөзгө ээ болушу керек жана кандай гана себептер болбосун токтото турулушу мүмкүн эмес. Укуктук кенемтени болтурбоо максатында, судьяларды жоопкерчиликке тартуу маселелеринде укуктук кенемтенин пайда болуусу коомго зарыл болгон сот адилеттигинин жогорку деңгээлин кармап турууга коркунуч туудурат, ал эми жаңы ченемдик актыны кабыл алуу белгилүү бир убакытты талап кылса, Конституциянын түздөн-түз таасир этүү принциби иштей баштайт. Талашылып жаткан Жобону кабыл алуу формасында судьялардын тартиптик жоопкерчилик маселелерин убактылуу жөнгө салуу судьялардын жана бийликтин сот бутагынын көз карандысыздыгына кол салуу катары каралышы мүмкүн эмес, конституциялык жактан маанилүү баалуулуктар көз карашынан объективдүү акталган, демек Конституциянын ченемдерине карама-каршы келбейт.*

Бул соттун чечими аткарууну талап кылбайт.

***2) Конституциялык соттун 2022-жылдын 27-апрелиндеги чечими*** менен «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2, 4, 5- бөлүктөрүнө, 32-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылган.

Сот белгилеп кеткендей, мамлекеттик бийликти мыйзамдаштыруунун бир жолу катары эркин шайлоонун конституциялык мааниси, ал добуш берүү учурунда элдин эркине айланган шайлоочулардын шайлоо жүрүм-турумуна реалдуу таасир тийгизе турган маалыматтарды таратуу үчүн бирдей шарттардын болушу менен аныкталат. Кыргыз

Республикасынын жарандарынын шайлоо укугу мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жана шайлануу укугун гана эмес, шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышуу укугун да камтыйт. Шайлоо алдындагы үгүт шайлоочуларды шайлоого катышкан талапкерлер, алардын шайлоо алдындагы программалары жөнүндө максаттуу маалыматтар менен камсыз кылуу милдети болуп саналат, ал эми анын түпкү максаты катары шайлоочулардын артыкчылыктарын, алардын шайлоочулук эркин калыптандыруу болуп саналат, ал шайлоолордун натыйжасын маңызы боюнча аныктаган шайлоочулук жүрүм-турумдун конкреттүү моделин тандоодо кийин чагылдырылат.

Каралып жаткан аспектиде шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугу маалыматты эркин таратуунун бир түрү катары сөз эркиндиги менен корголот. Ошол эле учурда мамлекеттик бийлик органдарын түзүү механизминин ажырагыс элементи катары шайлоо алдындагы үгүт иштерин мамлекет тарабынан көңүл бурулбай калышы мүмкүн эмес, анткени бүтүндөй коомдун кызыкчылыктары үчүн кайтарымсыз кесепеттерден чыгууда мамлекеттик институттарды мыйзамдаштыруу катуу тартипти, айкындуулукту жана иш-аракеттердин алдын ала белгиленген параметрлерде айкын болушун талап кылат. Демек, шайлоонун алдында жана шайлоо учурунда сөз эркиндигине адаттагы шарттарда жол берилгис чектөөлөр коюлушу мүмкүн. Шайлоо өнөктүгүнүн ар тараптуулугун эске алуу менен, мыйзам чыгаруучу өз карамагында кыйла эркиндикке ээ болот, бирок ал шайлоонун жыйынтыктарынын коомдук мааниси менен эркин шайлоо укугу, сөз жана маалымат эркиндигине укук сыяктуу конституциялык маанилүү баалуулуктардын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу зарылдыгынан чыгышы керек.

> *Жогоруда аталган максаттар үчүн мамлекет тарабынан белгиленген талаптар шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоочуларды башка талапкерлерге, шайлоого катышып жаткан саясий партияларга карата алардын позициясы жана көз карашы менен тааныштыруу мүмкүнчүлүгүн чектебейт, антпесе бул сөз жана пикир билдирүү эркиндигин өлчөмсүз чектөөгө алып келмек, демек, аларды Конституцияга карама-каршы келет деп таанууга болбойт. Ошол эле учурда мындай талаптарды белгилөөдө мыйзам чыгаруучу укуктук аныктык принцибин жетекчиликке алышы керек, башкача айтканда, алар укуктук ченемдердин тактыгынын, айкындуулугунун жана кош маанилүү эместик талаптарына жана алардын учурдагы укуктук жөнгө салуу тутумундагы шайкештикке жооп бериши керек.*
>
> *Конституциялык сот белгилеп кеткендей, мыйзам чыгаруучу тарабынан аларда «...мүмкүн болуучу терс натыйжаларды...», «...көз көрүнөө басымдуулук кылган...» сыяктуу түюндурмалардын колдонулушу жогоруда баяндалган принциптин талаптарына жооп бербей, ар кандай чечмелөө жана өзүм билемдик менен укук колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жол бергенин моюнга алуу керек, демек ал мыйзамдар тарабынан түзөтүлүүгө жатат.*

Бул чечим "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө "Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2023-жылдын 6-апрелиндеги конституциялык Мыйзамын кабыл алуу жолу менен аткарылды.

***3) Конституциялык соттун 2022-жылдын 8-июнундагы чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү укуктук аныктык принцибине ылайык келбеген жана эгерде ачыкка чыгаруу тергөөнүн кызыкчылыктарына карама-каршы келбесе жана кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбаса, ачык жарыяланышы мүмкүн болгон маалыматтардын тизмесин камтыбаган даражада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган.

Сот бул Чечимде ар бир инсандын жана бүтүндөй коомдун коопсуздугун камсыз кылуу мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө багытталган стратегиялык иш-милдети экенин белгиледи. Көрсөтүлгөн иш-милдетти жүзөгө ашыруу мамлекеттен толук кайтарымдыкты, укуктук жөнгө салуунун колдонулгудай механизмдерин кошкондо бардыгын ичине алуучу чаралардын комплексин кабыл алууну талап кылат.

Коомдун динамикалуу өзгөрүшүнүн заманбап шарттарында, адам жашоосунун бардык чөйрөлөрүнүн кеңейиши жана татаалдашы менен кылмыштар дагы барган сайын эптүү жана кылдат мүнөзгө ээ болуп бара жатат. Демек, тергөө ыкмалары дайыма өркүндөтүлүп, бүгүнкү күндүн реалдуулуктарына жооп берген жаңы каражаттардын киргизилишине гана эмес, ошондой эле КЖПКнын 167-беренеси менен бекитилген тергөө маалыматтарын ачыкка чыгарбоо талабы сыяктуу өзгөчө коргоо чараларына да муктаж.

*Тергөө маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу салуу маанилүү коомдук кызыкчылыктарды дагы, жеке кызыкчылыктарды дагы коргоо максатын көздөйт, тергөөнүн маалыматын ачыкка чыгарууга тыюу маанилүү коомдук жана жеке кызыкчылыктарды көздөп, коомдук тартипти, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди чектөө мүмкүндүгү жөнүндө конституциялык орнотмо менен туура келет. Ошол эле учурда тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу абсолюттук болушу мүмкүн эмес, анткени тергөөнүн карамагындагы бардык маалыматтар ачыкка чыкканда тергөөнүн кызыкчылыктарына жана жазык процессинин катышуучуларына зыян келтириши мүмкүн болгон сырды же маалыматтарды априори милдеттүү түрдө камтышы мүмкүн эмес.*

*Тергөөнүн сырын түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарбоого байланыштуу маселелердин регламентациялоо ал маалыматтардын мазмундук бөлүгүн, тергөөнүн жана (же) жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары менен байланышын, адилеттүүлүк, теңдик жана өлчөмдөштүк принциптеринин сакталышын талап кылган конституциялык жактан корголуучу баалуулуктар, коомдук жана жеке кызыкчылыктар, адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери тең салмактуулугун камсыз кылуу үчүн так белгиленген мыйзамдуу критерийлердин негизинде аларды ачыкка чыгаруу мүмкүндүгүн эске алуу менен жүргүзүлүшү керек.*

*Андан тышкары, жазык сот өндүрүшүнүн маселелерин ченемдик регламентациялоодо укуктук аныктык принцибин так сактоо жана ыйгарым укуктуу процесстик адамдардын чексиз карамагына алуучу мүмкүндүктү болтурбоо зарылдыгынан улам, талашылып жаткан ченемдерде тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тийиштүү эмес деп таануу үчүн негиздер,*

*ошондой эле алардын колдонулушунун мүмкүн болуучу мезгили сыяктуу аспектилер кыйла так ченемдик жөнгө салынууга жатат.*

Конституциялык сот жогоруда белгиленген тыянактар менен бирге, мыйзам чыгаруучуга КЖПКнын 167-беренесинде укуктук жөнгө салуунун жогоруда белгиленген маселелерин чечилиши менен бирге, эгер ачыкка чыгаруу тергөөнүн кызыкчылыктарына карама-каршы келбесе жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушу менен байланыштуу болбосо, ошондой эле тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу жайылтылбаган маалыматтар жана тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарылды деп таанылбай турган маалыматтар болсо, ал тергөөчүнүн же прокурордун макулдугу менен ачыкка чыгарыла турган маалыматтардын тизмесин аныктоого тийиш.

Аталган чечим «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» 2023-жылдын 15-февралындагы №28 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аткарылган.

***4) Конституциялык соттун 2022-жылдын 15-июнундагы чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 4- бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган.

Сот өзүнүн Чечиминде белгилеп кеткендей, укукка каршы жосундардын көрүнүштөрүнүн эң эле терс формаларынын бири болуп материалдык зыянды жана моралдык зыяндуу келтирүү менен болгон кылмыштар саналат. Ушуга байланыштуу, сот өкүм чыгарууда материалдык зыян келтирилген кылмыш жөнүндө ар бир иш боюнча жарандык доону чечиш керек, ал эми доо келтирилбесе, өзүнүн демилгеси боюнча зыяндын ордун толтуруу боюнча чечимди кабыл алуу маселесин талкууга салыш керек.

Белгиленген милдеттерди ишке ашыруунун укуктук механизми катары сотко чейинки өндүрүш органдары жазык-процесстик мажбурлоо чараларын, анын ичинде мүлккө камак салуу сыяктуу түрү өзгөчө орунду ээлеген мажбурлоо чараларын мыйзамда белгиленген тартипте колдонушат. Ошол эле учурда тийиштүү чектөөчү чараларды жокко чыгаруу мүлккө камак салуу мажбурлоо чарасынан маанилүүлүгү кем эмес, анткени мүлккө камак салууну негизсиз жокко чыгаруу кылмыштан жабыр тарткандардын мүлктүк укуктарынын бузулуу, моралдык залалдын ордун компенсациялоону, соттук чыгымдардын ордун толтуруунун, айыптарды төлөтүүнүн жана мурда камактагы мүлктү мүмкүн болуу жашыруу же жоготуу күчүнө байланыштуу мүлктү конфискациялоону мүмкүн эместик коркунучу бар. Ушундан улам, дал ушул аспектиде мулкк камак салууну жокко чыгаруучу укуктук ченемдердин ишке ашырылуусуна соттук контролдоонун натыйжалуу иштөө маселеси орчундуу мааниге ээ болууда. Ушуга байланыштуу, Конституция менен сотко чейинки өндүрүш этабында кепилденген соттук коргоо укугу жазык-процесстик мыйзамдарда соттук контролду жүзөгө ашыруучу тергөө судьясынын институтун бекитүү жолу менен ишке ашырылган. Көрсөтүлгөн институттун иштеши ар кимдин мыйзамсыз аракеттерден жана укук коргоо органдарынын өзүм билемдигинен соттук коргоо аркылуу укуктарын ишке ашыруунун маанилүү кепилдиги болуп саналат. Ошол эле учурда тергөө судьясы айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөлүү эместиги тууралуу маселени карап чечпейт. Демек, ал ишке ашыруучу соттук контроль сот бийлигинин, баарыдан мурда, сот өндүрүшүнө чейинки стадияда инсандын бузулган

укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган өз алдынча функция болуп саналат.

*Сот тарабынан мүлккө салынган камакты жокко чыгаруу боюнча аракеттерди КПКнын 130-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук контролдоонун мүмкүндүгүнө карабастан сот гана караган бийликке кол салуу мүмкүндүгү байкалууда, бул Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын жана бийликтин сот бутагынын конституциялык-укуктук тутумун куруу тартиби жөнүндө конституциялык принциптердин көз карашынан алганда такыр жол берилгис болуп саналат. Конституциянын 100-беренесинин 4-бөлүгүнүн күчүнөн улам «Сот чечимин жокко чыгаруу, өзгөртүү же токтото туруу сот тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.». Мындан соттон башка бир дагы орган өзүнө соттун функцияларын ала албайт, соттун бир да чечими мазмунуна карабастан, анын ичинде мүлккок амак салуу жөнүндө маселелерди жокко чыгарууга кошкондо жокко чыгарылышы, өзгөртүлүшү же токтото турулуш мүмкүн эмес деген келип чыгат.*

*Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу мүлкко камак салууну жокко чыгаруу тартибине тийиштүү колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тиешелүү түзөтүү киргизүүгө зарыл.*

Аталган чечим «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» 2023-жылдын 30-мартындагы №75 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аткарылган.

***5) Конституциялык соттун 2022-жылдын 29-июнундагы чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3, 4, 5-бөлүктөрүнө, 31-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылган.

Сот өзүнүн Чечиминде белгилеп кеткендей, мамлекет коомду башкаруучу башкы тутум болуп саналат, ал укуктук жөнгө салуу аркылуу анын тиричилигин ирееттөөгө, анын орундуу иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылууга багытталган. Көрсөтүлгөн милдеттерди аткарууну тийиштүү финансылык база – мамлекеттин бюджети болмоюн ишке ашыруу мүмкүн эмес.

*Баш Мыйзамдын 50-беренесинен келип чыккан салыктарды жана жыйымдарды төлөө конституциялык милдети, ар ким Конституцияны жана мыйзамдарды сактоого милдетүү деп орноткон 53-беренесинин 3-бөлүгү менен өз ара байланышта түздөн-түз жана сөзсүз талап катары бардык салык төлөөчүлөргө жайылтылат. Салыкты өндүрүп алуунун сөзсүз боло тургандыгынан жана шексиздигинен улам салык төлөөчү салыкты төлөө же төлөбөй коюу тууралуу маселени өз алдынча чечүүгө акысы жок: ал конституциялык орнотмонун күчүнөн улам аны төлөөгө милдеттүү.*

*Мыйзам чыгаруучу салыктарды төлөөнүн милдеттүүлүк принцибин иштешин камсыз кылуу менен салык төлөөчүнү салыктын төлөнүүчү суммасын мажбурлап төктүрүүгө багытталган превентивдүү мүнөздөгү мажбурлоо чараларын белгилеген. Ошон үчүн ар кимдин салыктарды жана жыйымдарды төлөө боюнча конституциялык милдетин аткартууну камсыз кылуу зарылдыгынан келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгуу укугун чектөө Кыргыз*

> *Республикасынын Конституциясынын жоболоруна карама-каршы келбейт, бул дагы мамлекеттин улуттук коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү болгон экономикалык коопсуздуктун зарыл негизи катары салыктардын укуктук табияты менен шартталган.*

Салыктык укук мамилелерин иретке келтирүү максатында, маселен, салык милдеттенмесинин аткарылышын камсыздоо чөйрөсүндө Салык кодексинин жана ЖПКнын ченемдик жоболорун шайкештикке келтирүү жана салыктык укук мамилелериин колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумунда алардын макулдашылбагандыгын жокко чыгаруу зарылдыгы келип чыгат. Укуктар менен эркиндиктерди кандай гана чектөө болбосун, ал мыйзамдуулук принциптерине ылайык келиш керек, ошондой эле мындай чектөөнү алдын ала көрө билүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу максатында мыйзам чыгаруучу мыйзам чыгаруу техникасына ылайык укуктук чектөөнүн так ченемдик регламентациясын белгилеп, тактап айтканда, доону камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгууну чектөө чарасы катары салыктык милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуунун мындай ыкмасын ишке ашыруунун процесстик формасын камсыз кылуу зарыл.

Бул Чечим аткаруу стадиясында турат.

***6) Конституциялык соттун 2022-жылдын 21-сентябрындагы чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгү жабырлануучунун тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугун камтыбаган даражада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган.

Сот өзүнүн Чечиминде белгилеп кеткендей, процесстик аракеттерге/аракетсиздиктерге жана чечимдерге даттануу укугуна ээ болуу жарандарга жана башка адамдарга өз укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү эң маанилүү кепилдик болуп саналат. Ал кылмыш иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө өзгөчө мааниге ээ, анткени бул этаптагы ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын иши көбүнесе адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин чектеген жазык-процесстик мажбурлоо чараларын колдонуу менен шартталган.

Мыйзам чыгаруучу тергөө судьясы институтун киргизүү жана ага сотко чейинки өндүрүштүн бүткүл көлөмүн камтыган алдын ала жана кийинки соттук контролду жүзөгө ашыруу ыйгарым укуктарды берүү менен ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугун камсыз кылуу жөнүндөгү конституциялык жобону ишке ашырды. Тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгүн караштырып, ал соттук коргоого болгон укуктун курамдык бөлүгү болуп саналган, ар бир адамдын ишти жогору турган сот тарабынан кайра каратууга болгон укугуна конституциялык кепилдикти жүзөгө ашырды. Ушуну менен бирге, мыйзам чыгаруучу кылмыш-жаза процесстик мыйзамдарды реформалоо процессинде жабырлануучуну жана анын адвокатын тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугуна ээ болгон субъекттердин катарынан чыгарып салганын белгилейт.

Конституциялык сот ушуну менен бирге, мыйзам чыгаруучу, мурда берилген укуктардын көлөмүн азайтууга, эгерде ал чектөөчү мүнөзгө ээ болбосо да, жөн гана маанилүү эмес, конституциялык маанилүү негиздердин болуусунда барышы мүмкүн экенин өзгөчө белгилей кетүү керек. Мында, мыйзам чыгаруучунун чечими терең жана кылдаттык менен

негизделип, акылга сыярлык, адилеттүүлүк жана өлчөмдөштүк принциптерине жооп бериши керек.

> *Укуктук жөнгө салуунун бир формасынан экинчисине өтүүдө Баш Мыйзамдын негиз салуучу талабы болуп, жаңы мыйзам күчүнө киргенге чейинки абалына салыштырмалуу, укук субъекттеринин абалынын начарлашына жол бербөө болуп саналат. Бул постулат тынымсыз өзгөрүп туруучу мыйзамдардын шартында укук тутумунун өнүгүшүнө позитивдүү мүнөз берип, өз билемдик ченем жаратуу процессине бөгөт коёт. Бул принциптин жардамы менен укуктук мамилелер негизинен стабилдүүлүккө, ал эми адамдын жана жарандын укуктук абалы – туруктуулукка ээ болуп, мамлекеттин мыйзам чыгаруу ишмердигинин адилеттүүлүгүнө жана гумандуулугуна ишеним жаратат.*
>
> *Тергөө судьясынын токтомуна даттануу маселесин жөнгө салуудагы, мындай укукту жабырлануучу жана анын адвокатын кошпостон, шектүүгө, айыпталуучуга, алардын адвокаттарына, прокурорго, ошондой эле мүлкүнө камак салынган жактарга гана берген, талашылып жаткан ченем менен орнотулган дифференциацияланган мамиле, конституциялык маанилүү негиздергее ээ эместиги, демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсү келип чыгат.*
>
> *Ошондой эле Конституциялык сот, соттук коргоого болгон укук жана тараптардын тең укуктуулугу менен атаандаштык принциби тууралуу конституциялык кепилдиктерди жүзөгө ашыруу, тергөө судьясынын актысы менен түздөн-түз укуктары жана эркиндиктери козголгон жабырлануучу тарап жана анын мыйзамдуу өкүлдөрү анын токтомуна даттануу укугуна ээ болгон учурда гана толук кандуу болуп эсептелиши мүмкүн деп белгилейт.*

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан укуктук көз караштын негизинде колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тийиштүү өзгөртүүлөрдү демилгеленишин тапшырылган. Жабырлануучунун сотко чейинки өндүрүш стадиясындагы укуктарын толтуруу маселесин кийинкиге калтырып коюу болбой турганын эске алуу менен, Конституциялык сот талашылып жаткан ченемди Конституцияга ылайык келтиргенге чейин, укук колдонуучу органдар жабырлануучу тарапка Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Чечиминин негизинде тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугун берүүгө милдеттүү деп эсептейт.

Аталган Чечим аткаруу стадиясында турат.

***7) Конституциялык соттун 2022-жылдын 26-октябрындагы чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 58-беренесинин 4-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылган.

Мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти бекемдөөдө негизги багыт болуп укук бузууларга каршы натыйжалуу күрөшүү жана жасалган кылмыштар үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз болушун камсыз кылуу талабы саналат. Укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз болуу принцибинен ар кандай кетүү укукка каршы жана жол берилгендик жөнүндө нагыз маалыматты объективдүү кабыл алууну бурмалайт, укук

бузуучуларда алар жасаган укук бузууларга байланыштуу контролсуздук жана жазаланбастык маанайды жаратат. Укук бузуучу карата камакка алууну белгилөө превентивдүү функцияны аткарат, анын ориентири укук бузуучунун өзүн дагы, башка жакты дагы жаңы укук бузууларды жасоодон кармануугa багытталган.

*Камакка алууну токтоосуз аткаруу зарылдыгы жазанын сөзсүз болуу принцибин жүзөгө ашыруу менен, ошондой эле укук коргоочулук механизмдин иштеп турушун жана натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган жана өзгөчө тартипте аткарылышын талап кылган жазанын бул түрүнүн спецификасы менен шартталган, анткени башка кандай гана учурда болбосун, УБжКда каралган максаттар менен милдеттер тиешелүү даражага жеткирилбей, камакка алуунун аткарылышын кийинкиге калтыруунун ар кандай формасында, анын ичинде сот актысы даттанылганда да укук бузуучу жазадан качууга же жаңы укук бузууларды жасоого мүмкүндүк алган шарттарга алып келиши мүмкүн. Андан тышкары, камакка алуунун токтоосуз аткарылышы укук бузуулар чөйрөсүндөгү мамлекеттин юрисдикциялык органдарынын эмгекти көп талап кылуучу жумушту этибарга албоого, алардын социалдык маанилүүлүгүн жана коомдук баркын жокко чыгарууга, мыйзамдын күчүнө жана кадыр-баркына ишенимге шек келтирүүгө, маселен, укук коргоочулук функцияларды аткарган укук коргоо органдарында укук коргоочулук ишинин натыйжалуулугун жалпысынан төмөндөтүүгө, ошондой эле укук коргоо органдарынын бардык аракетин жокко чыгарууга жол берилбегендик менен шартталган. Ошон үчүн, камакка алуу жөнүндө соттун токтомунун токтоосуз аткарылышы жөнүндө мыйзам чыгаруучунун логикасы жаза чарасынын ушул түрүнүн аткарылышынын актуалдуулугун сактап калуу зарылдыгына негизделген.*

*Ошол эле учурда, административдик камакка алуу административдик жазанын кыйла катуу түрү болуп, ал адамдын эркиндик жана жеке кол тийбестик сыяктуу адамдын негизги жана ажырагыс укуктарын чектөө менен байланыштуу болоорун эске алуу зарыл. Ушуга байланыштуу, административдик камакка алууну дайындоо, аткаруу жөнүндө мыйзамдардын ченемдери, ошондой эле даттануу тартиби коомдук жана жеке кызыкчылыктар ортосунда тең салмактуулукту издештирүүдө соттук коргонууга болгон негизги конституциялык укук бузулбагандай жана сот адилеттигине натыйжалуу жетишүү камсыздалгандай болуш үчүн абдан ойлонуштурулгандай болуш керек.*

Камакка алуунун болушунча кыска мөөнөтү дагы адамдын укуктары менен эркиндиктерине олуттуу таасирин тийгизет деп белгилейт. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу камакка дуушар болгон адамдын укуктарын соттук коргоо аркылуу, сот даттануу түшкөн учурдан тартып 48-сааттан кечиктирбестен жогору турган сотто аны каратуу мүмкүндүгү сыяктуу кошумча кепилдиктерди караштырууга милдеттүү. Мында кармоонун мөөнөтү административдик камактын мөөнөтүнө кошуп эсептелиш керек. Аны менен, камакк алуу жөнүндө соттун токтомунун токтоосуз аткарылышы жөнүндө эреже мүмкүн болуучу соттук катаны тезинен оңдотуу кепилдиги тең салмактанган.

Аталган Чечим аткаруу стадиясында турат.

***8) Конституциялык соттун 2022-жылдын 30-ноябрындагы чечими*** менен «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы №13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24- беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылган.

Конституциялык сот бул ишти карап жатып төмөндөгү жыйынтыкка келди. Конституциянын маанисинен жана мазмунунан кайрылуучулар сот адилеттигин ишке ашырууну жөнгө салуучу укуктук ченемдерди кыйшаюусуз жана так карманган, белгиленген тартипти сактаган учурда алардын соттук коргонуу укугу ишке ашырылуусу мүмкүн.

> *Конституцияга бардык ченемдик укуктук мүнөздөгү актылардын иерархиялык баш ийүүсүн, Конституциялык соттун конституциялык контролдун чектерин аныктоодогу көз карашын камсыз кылууга багытталган конкреттүү контролдоо функциясы чечүүчү болуп саналат да, ченем жаратуу чөйрөсүн түп тамыры менен камтууга тийиш жана мыйзамдар аныктамаларына да көз каранды болбойт. Башкача айтканда, конституциялык контролдун табияты анын ченем жаратуунун бүткүл чөйрөсүндө мыйзамдуулуктун негизги кепили катары иштешин аныктайт, ал ченем жаратуучу органдардын ишмердүүлүгү менен гана чектелбестен, элдин чексиз чөйрөсүнө жана кайталап колдонууга арналган жалпыга милдеттүү жүрүмтурум эрежелерин камтыган бийлик органдарынын ар кандай актыларынын Конституцияга ылайык келүүсүн текшерүү чөйрөсүн кулачынан чыгарбашы керек. Муну менен бирге конституциялык контролдун чөйрөсү укуктук жөнгө салуунун чөлкөмүнүн кеңейишине жараша түздөн-түз пропорционалдуу түрдө кеңейип жатканын эске алуу керек. Башкача айтканда, ар кандай ченемдик укуктук жөнгө салуу, мыйзамдар базасына карабастан, мындай текшерүүнү айланып өтүүгө формалдуу себептерге жол бербөө үчүн конституциялык контролго алынууга тийиш. Ошентип, Конституциялык соттун өзүнүн аныктоосу жана баасы боюнча ченемдик укуктук мүнөзгө ээ болгон, бирок конституциялык контролдун чөйрөсүнө кирбей турган актылар болушу мүмкүн эмес, антпесе Конституциянын үстөмдүгүү жана укуктук мамлекеттин принциби бузулат.*

Жогорку соттун Пленумунун токтомдору өзүнүн мүнөзү боюнча мыйзамга карата көмөкчү мааниге ээ. Бул түшүндүрмөлөрдүн маңызы укук колдонуудагы кыйынчылыктарды жана соттук тажрыйбадагы кемчиликтерди жоюу максатында мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын көп маанилүү, маңызы боюнча бүдөмүк, баа берүүчү, карама-каршы же толук эмес мазмунуна айкындык берүү болуп саналат.

Жогорку соттун Пленумунун чечимдери өзүнүн өзгөчөлүгүнөн улам өздөрүнүн инерциялык таасирин сактоо менен укук колдонуу тажрыйбасынын чөйрөсүн олуттуу түрдө же кеңейтиши, же тарытышы мүмкүн. Судьялар сот адилеттигин жүзөгө ашырууда Жогорку соттун Пленумунун токтомдорунун чечмелөөчү мазмунунан улам багытын кармануууга милдеттүү болгондо, аталган токтомдор Конституция көздөгөндөй өзүнчө бир “жол картасы” болушу керек. Ошону менен бирге Жогорку соттун Пленумунун токтомдорундагы түшүндүрмөлөр өз алдынча укуктук ченемдерди камтыбастан, колдонуудагыларды гана

чечмелөөгө тийиш. Болбосо, конституциялыкукуктук деңгээлде алар мыйзам ченемдерине гана мүнөздүү болгон жөнгө салуучу касиетке ээ болуп, судьялар үчүн милдеттүү мүнөзүнөн улам аларды адамдардын чексиз чөйрөсү жана бир жолку эмес колдонулушу үчүн жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелер деңгээлине келтирет. Демек, мындай токтомдорду конституциялык контролдун алкагынан чыгарууга болбойт. Болбосо, бул ар бир адамдын конституциялык сот адилеттигине жетишүү укугунан "де-факто" ажыратуу дегенди билдирет жана мыйзамдуулуктун конституциялык принцибинин бузулушуна алып келмек.

> *Жогорку соттун талашылып жаткан түшүндүрмөсү Кыргыз Республикасынын Администрациялык-процесстик кодекси жана административдик иш жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдар менен аныкталуучу белгиленген мыйзамдык жол-жоболорду сактоо зарылчылыгы менен шартталган. Демек, Жогорку соттун Пленумунун токтомунун талашылып жаткан ченемдик жобосу Конституциянын жана колдонуудагы мыйзамдардын алкагында чыгарылган.*
>
> *Жогоруда аталган комиссиянын жер участогун берүү жөнүндө терс сунушу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан сотто талаштартыштын предмети болууга тийиш болгон укуктук актынын чыгарылуусун карабаган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Типтүү жобонун жана Жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун жана Бишкек шаардык кеңешинин 2020-жылдын 14-январындагы № 141 токтому менен бекитилген Бишкек шаарындагы жер участокторду ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобонун иш-аракеттери Жогорку соттун түшүндүрмөсүнүн конституциялуулугуна шек келтиргендиктен келип чыккан. Натыйжада, талашылып жаткан жобонун белгиленген актылардын ченемдери менен комплекстүү иштеши ар бир адам тарабынан белгиленген маселе боюнча соттук коргоо укугун ишке ашыруу мүмкүн эместигине алып келген.*
>
> *Соттук коргонуу укугу жөнүндө конституциялык жоболорду сактоо менен ченем жаратуучу органдар олуттуу конституциялык баалуулуктар катары классификацияланган бул укукту камсыз кылууда бардык процесстик механизмдерди жана шарттарды камсыз кылууга тийиш жана аларды ишке ашырууда эч кандай тоскоолдуктар болбош керек.*

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Бишкек шаардык кеңеши өздөрүнүн жоболорун - жер участогун менчикке, ижарага же мөөнөтсүз пайдаланууга берүү мүмкүнчүлүгү боюнча комиссиянын оң же терс чечимине карабастан, ыйгарым укуктуу органды тиешелүү мыйзам актысын чыгарууга милдеттендире турган укуктук механизмди кайра караштырууга тийиш.

Аталган Чечим аткаруу стадиясында турат.

***9) Конституциялык соттун 2022-жылдын 21-декабрындагы чечими*** менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринин 541 -пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 3-

бөлүгүнө, 24-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 40, 41-беренелерине карама-каршы келбейт деп таанылган.

Конституциялык сот өз Чечиминде белгилеп кеткендей, жашоо укугу ар кандай субъект тарабынан адамөмүрүнөзүм билемдик менен кыюуга тыюу гана салбастан, мамлекеттин адам өмүрүн коргоо үчүн жоопкерчилигин да болжолдойт. Ал мамлекеттик компетенциянын ар кандай чөйрөсүндө жүзөгө ашырылат, бул милдетти бардык мамлекеттик бийлик органдары тарабынан ишке ашырууну билдирет, эгерде алардын иш-аракети адамдардын өмүрүнө, ошондой эле индивиддин ден соолугуна коркунуч менен байланышкан болсо, башка субъекттерге карата анын контролдоо функцияларын талап кылат.

Экономикалык эркиндик, менчик укугу сыяктуу эле, жарандар ар дайым ээ болууга умтулган баалуулуктардын бири болуп саналат. Бирок ал экономикалык кызыкчылыктарды сактоону гана эмес, башкалардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камтыган социалдык жоопкерчиликтин да болушун болжойт. Ошон үчүн, кандай гана мамлекет болбосун экономикалык эркиндик менен коомдук кызыкчылыктарды айкалыштыруу жана тең салмактуулукту сактоо абдан маанилүү.

> *Автотранспорт каражаттарын өтө кооптуу булактарга киргизүү - алар үчүн өзгөчө укуктук режимди, анын ичинде мындай транспорт каражаттарынын бардык ээлери үчүн аларды эксплуатациялоого киргизүүнүн өзгөчө эрежелерин орнотууну шарттайт. Демек, калктын коопсуздугун, өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылган мындай талаптардын жана эрежелердин орнотулушу басмырлоо катары каралышы мүмкүн эмес.*
>
> *Белгиленген жолдун оң жагы менен жүрүүгө карамакаршы рулдук башкаруусу транспорт каражатынын жүрүү багытына карата оң тарабында жайгашкандыктан, коркунучтун күчөшүнүн булагы гана эмес, ошондой эле аны эксплуатациялоо учурунда жол кыймылынын коопсуздугуна коркунучту күчөтөт. Мына ошон үчүн мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын аймагында рулдук башкаруусу оң тарабында жайгашкан транспорт каражаттарын каттоо, пайдаланууга жол берүү үчүн алып кирүүгө тыюу тыюу салууну киргизүү менен, аны аталган транспорт түрүнүн конструкциясынын түзүмдүк бөлүктөрүнө, анын ичинде кузовуна да жайылтууну болжогон. Мындай укуктук жөнгө салуу, анын ичинде кузовду алмаштырууга тыюу салуу жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу зарылчылыгы менен шартталган, анын милдеттери: жарандардын өмүрүн, ден соолугун жана мүлкүн коргоо, жол кырсыктарын болтурбоо аркылуу алардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, алардын кесепеттеринин оордугун азайтуу болуп саналат.*

Ошентип, Конституциялык сот рулдук башкаруусу оң тарабында жайгашкан транспорт каражаттарынын кузовун алмаштырууга тыюу салуунун орнотулушу адамдын өмүрү жана ден соолугу сыяктуу коом үчүн маанилүү болгон ажыратылгыс байгерликти өзгөчө коргоонун конституциялык жактан бекитилген талабы менен шартталган, анткени менчик укугу мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн гана болжобостон, ошондой эле тиешелүү адамдардан мыйзам тарабынан жүктөлгөн милдеттерин аткарууну, анын ичинде мүлктүн башка адамдар үчүн коркунучунун жогорулашын эске алуу менен аткарууну талап кылат.

Соттун бул чечими аткарууну талап кылбайт.

***10) Конституциялык соттун 2022-жылдын 28-декабрындагы чечими*** менен Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КК) 178-беренесин Конституциянын 58-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тапты.

Конституциялык сот бул чечиминде балдарга кам көрүү, аларды тарбиялоо атанын да, эненин да бирдей укугу жана милдети экенин белгилеген. Ата-эненин балдарга кам көрүү милдетин жана баланын кызыкчылыктарын камсыз кылуу принцибин бекитүү менен Конституция мыйзам чыгаруучуну үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүн бардык тармактык мыйзамдарда так жана деталдуу жөнгө салууну камсыз кылууга милдеттендирет. Бала эрезеге жеткенге чейин ата-энесине толук көз каранды экендигин эске алуу менен мамлекет анын укуктарын коргоонун конституциялык гаранты катары чыгып, ошону менен өзүнүн социалдык функциясын аткарат.

Ата-энелердин жашы жете элек балдарын багуу боюнча милдеттерин ыктыярдуу аткаруусу ата-эненин балдарына кам көрүүдөгү ак ниеттүүлүктүн жалпы таанылган презумпциясына негизделет жана эч кандай талаш туудурбайт.

> *Жашы жете элек балдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоону жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин белгилөө максатында, аларды багуу боюнча милдеттер аткарылбаган же талаптагыдай эмес аткарылган учурларда мыйзам чыгаруучу үй-бүлөнү мамлекеттик мажбурлоонун (мыйзамдуу жоопкерчилик) үй-бүлөлүк-укуктук, жарандык-укуктук жана жазык-укуктук тартиптеги чараларын карайт, алар бири-бирин толуктоочу болуп эсептелет.*
>
> *Жазык жоопкерчилигинин башталышынын шарттарына алиментти өз убагында төлөбөгөндүгү же төлөнбөгөндүгүнүн натыйжасында келип чыккан алимент алуучунун материалдык чыгымында аныкталган коомдук коркунучтуу зыян камтылууга тийиш; алимент төлөөчүнүн мыйзамсыз жүрүм-туруму; кылмышкердин атайылап жүрүм-туруму жана андан келип чыккан кесепеттер ортосундагы себептик байланыш; укук бузуучунун күнөөсү. Мындан тышкары, карызкор, эгерде ага таасир этүүнүн башка жолдору алимент төлөө жөнүндө сот актысынын талаптагыдай аткарылышын камсыз кылбаса, ал жазык жоопкерчилигине тартылат.*
>
> *Алимент төлөөдөн кыянаттык менен качуу - алимент төлөө жөнүндө келишимди же алимент төлөө жөнүндө сот актысын системалуу түрдө атайылап аткарбай коюу же толук көлөмдө аткарбай коюу, анын ичинде кирешесин толугу менен же жарым-жартылай жашыруу, өндүрүп алынышы мүмкүн болгон мүлктү жашыруу, жосунсуз жоруктары үчүн жоопко тартылгандыгына карабастан, өзүнүн кирешеси жана мүлкү, жашаган жери жана иштеген жери жөнүндө жалган маалымат берүү болуп саналат. Бул кылмыштын конструктивдүү элементи - адам соттун чечими боюнча төлөп берүүгө милдеттүү болгон алимент түрүндөгү алиментти камсыз кылбай туруусу саналат, ал кара ниет мүнөзгө ээ болуп жүйөлүү себептин жоктугу менен коштолот.*
>
> *Укук бузуучуда мурда жазаланган жоопкерчиликтин болушу аны мындай аракеттерди жасагандыгы үчүн андан ары кылмыш жоопкерчилигине тартуудан бошотпойт.*


Конституциялык сот, жогоруда айтылгандар менен бирге, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 178-беренесинде белгиленген колдонуудагы укуктук ченемдер жазык жоопкерчилигинин максаттарына жетүүнү камсыз кыла албайт, анткени анда дифференцияланган кылмыштарды белгилөө механизми жок экенин белгиледи. Жазалардын бир катар түрлөрүн, анын ичинде квалификациялык, оордотуучу белгилер боюнча жазалар каралган эмес. Жазык мыйзамдары кылмыштын мүнөзүн, анын Конституция жана жазык мыйзамдары тарабынан корголуучу баалуулуктарга коркунучтуулугун эске алуу үчүн зарыл болгон укуктук актыларды камтууга тийиш.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине ушул чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү мыйзам долбоорун белгиленген тартипте иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү тапшырылды.

Бул Чечим аткаруу стадиясында турат.

Конституциялык соттун жогоруда аталган 4 чечими жазык, жазык-процесстик мыйзамдар ченемдерин текшерүүнүн натыйжасында, ал эми калганы соттук ишмерликти, судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартууну, салыктык, шайлоо укуктук мамилелерин жана башкаларды жөнгө салуучу мыйзамдар чөйрөсүндө текшерүүнүн натыйжасында кабыл алынган. Келип түшкөн кайрылуулардын санын жана алардын мазмунун, кабыл алынган чечимдерди талдоо жазык мыйзамдарында көйгөйлөрдүн бар экенин көрсөтүп турат.

## ЧЕЧИМДЕР 2013-2022




| | |
|---|---|
| 2013 | 10 |
| 2014 | 30 |
| 2015 | 17 |
| 2016 | 8 |
| 2017 | 10 |
| 2018 | 8 |
| 2019 | 14 |
| 2020 | 11 |
| 2021 | 9 |
| 2022 | 10 |

# АЛАРДЫН ИЧИНЕН:


**79 ЧЕЧИМ**

ченемдик укуктук актыларды Конституцияга ылайык келет деп таануу жөнүндө

**48 ЧЕЧИМ**

талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келет же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таануу жөнүндө

## 2013-жылдан 2022-жылга чейин кабыл алынган чечимдердин динамикасы




| Жыл | кайрылуу-лардын саны | Чечим-дердин саны | Пайыз түрүндө |
|---|---|---|---|
| 2022 | 68 | 10 | 14,7% |
| 2021 | 52 | 9 | 17,3% |
| 2020 | 57 | 11 | 21,5% |
| 2019 | 76 | 14 | 5,7% |
| 2018 | 61 | 8 | 13,1% |
| 2017 | 75 | 10 | 13,3% |
| 2016 | 67 | 8 | 11,9% |
| 2015 | 71 | 18 | 25,3% |
| 2014 | 108 | 30 | 27,7% |
| 2013 | 131 | 10 | 7,6% |




## Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышына сереп

1. Мамлекетте конституциялык мыйзамдуулуктун маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири Конституциялык соттун чечимдерин толук жана өз убагында аткарылышы, ал Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышын камсыз кылуу процессине тийиштүү мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын жоопкерчилигин, конституциялык сот адилеттигинин натыйжалуулугун жана таасирлүүлүгүн, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин, уюмдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун конституциялык кепилдиктерин турмушка ашырылуусун күбөлөндүрөт.

Белгилей кетсек, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 62-беренесине ылайык Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (мындан ары - Палата), анын чечимдери менен бирге, укук улантуучусу болуп саналат.

Демек, Палатанын чечимдерин эске алганда, конституциялык контролдоо органы 2022-жылдын 31-декабрына карата 127 чечим жана 1 корутунду кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы №233 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламентинин 81[1]-пунктун аткарууда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги берген маалыматын талдоо актылары соттун кароосуна коюлган ченем жаратуучу органдар тарабынан берилген маалыматтарды талдоо мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү

зарылчылыгын караган 72 чечимдин ичинен конституциялык контролдоо органынын төмөнкүдөй 9 чечими аткарылбай турганын көрсөтүүдө.

1) «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечими;

2) «Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүнүн, 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-5-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечими;

3) Кыргыз Республикасы Жер кодексинин 1-беренесинин 11-пунктунун «б», «в», «г» пунктчаларынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө 2019-жылдын 13-февралындагы чечими;

4) «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасы Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасы Мыйзамынын 1-беренесинин 8-пунктунун «б» пунктчасынын жана 2-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2019-жылдын 24-октябрындагы чечими;

5) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 29-июнундагы чечими;

6) Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 21-сентябрындагы чечими;

7) Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 26-октябрындагы чечими;

8) «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы №13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 30-ноябрындагы чечими;

9) Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 178-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 28-декабрындагы чечими.




2. Конституциялык соттун жогоруда көрсөтүлгөн чечимдеринин жүзөгө ашырууда даярдалган тийиштүү мыйзам долбоорлору азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосунда турат.


1) Конституциялык соттун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинин кароосунда турат.

2) Конституциялык соттун Кыргыз Республикасы Жер кодексинин 1-беренесинин 11-пунктунун «б», «в», «г» пунктчаларынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө 2019-жылдын 13-февралындагы чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2022-жылдын 21-декабрында биринчи окууда кабыл алынган.

3) Конституциялык соттун «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердүүлүгүнүн кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасы Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасы Мыйзамынын 1-беренесинин 8-пунктунун «б» пунктчасынын жана 2-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2019-жылдын 24-октябрындагы чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 8-февралында экинчи окууда кабыл алынган.

4) Конституциялык соттун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 27-апрелиндеги чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору 2023-жылдын 22-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан үчүнчү окууда кабыл алынган.

## Конституциялык контроль органынын чечимдерин аткаруу максатында кабыл алынган мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар




| | |
|---|---|
| 2020 жыл | 8 |
| 2021 жыл | 9 |
| 2022 жыл | 8 |

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан кароосундагы мыйзам долбоорлору.

1) «Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүнүн, 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-5-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитетинин кароосунда турган, бирок бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2022-жылдын 30-декабрындагы №14-64329 катынын негизинде кайра чакыртып алынган.

2) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 29-июнундагы чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору даярдалган, бирок мамлекеттик органдардын позициясын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2023-жылдын 6-мартындагы №30-11735 каты менен Мыйзам долбоору аны башка редакцияда жеткире иштеп чыгуу максатында кайра чакыртып алынган.

Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 566-беренесинин биринчи бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө 2022-жылдын 26-октябрындагы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун чечиминин 14-пунктунун ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 30-ноябрындагы жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 178-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жнндо иш боюнча 2022-жылдын 28-декабрындагы иш боюнча соттун чечимин аткаруу үчүн даярдалган мыйзам долбоорлору иштеп чыгуу, министерстволор жана ведомстволор менен макулдашуу стадиясында турат.

4. Конституциялык контролдоо органынын кабыл алынган чечимдердин аткарылышын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен иштешүүнүн мурунку тажрыйбасын эске алуу

менен, Конституциялык сот кабыл алынган чечимдерден келип чыккан укуктук позицияларга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бул этапта кыйла ыкчам көңүл буруу жагындагы жакшы тенденция түзүлүп жаткандыгын белгилейт. Чечимдерди аткарууда ченемдик-укуктук актылар долбоорлорун даярдоо "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзам менен белгиленген мөөнөттө жана тартипте ишке ашырылып жатат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу зарылдыгы тууралуу кабардар болуу деңгээли дагы өсту (Конституциялык соту тарабынан кабыл алынган жана алардын жүйөлөштүүрүүчү бөлүгүн эске алууга көрсөтмө берген 8 чечимдин ичинен 3ү аткарылды, калганы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде, Министрлер Кабинетинде кароонун ар кайсы стадиясында турат).

Ошону менен бирге, Конституциялык сот укуктук мамлекеттин өнүгүүсүнө карай утурлай кыймыл Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 53-беренесинин 13-бөлүгүнүн 7-пунктун активдүү колдонууга көз каранды, ага ылайык Конституциялык соттун чечиминен келип чыгуучу мыйзам долбоорун тийиштүү субъектилердин оң корутундусу болгондо, бир эле учурда үч окууда кабыл алууну карайт.

Андан да, аталган Мыйзамдын 53-беренесинин 18-бөлүгүнө шайкеш Конституциялык соттун чечиминен келип чыккан мыйзамдар долбоорлору Конституциялык соттун чечиминин маңызынан жана мазмунунан гана келип чыккан ченемдерди камтууга тийиш жана Жогорку Кеңеште кезексиз тартипте каралууга тийиш. Мындай укук мыйзам чыгаруучуга Конституциялык соттун чечимдеринен келип чыгуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлору коомдук талкууга алынбай тургандыгынын негизинде берилет («Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 1-бөлүгү), себеби алар Конституцияга ылайык келүүсү жагында конституциялык контролдон өткөн жана ченем чыгаруучу орган тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

5. Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Конституциялык сотто туруктуу өкүл институтунун киргизилишин колдойт, бул конституциялык сот өндүрүш алкагында Парламенттин позициясын натыйжалуу жана сапаттуу келтирүүгө жол ачат.

Ошону менен бирге Конституциялык сот конституциялык мыйзамдуулуктун деңгээли бардык мамлекеттик органдардын, алардын кызмат адамдарынын жана ар бир кызматкердин мыйзам чыгарууда да, укук колдонуу практикасында да конституциялык жоболорду аткарууда өзүнүн ролун жана жоопкерчилигин терең түшүнүүсүнө жараша болоорун эске алат.

Жарандарыбыздын Конституциялык сотко кайрылууларын талдоодон келип чыккан төмөнкү укуктук көйгөйлөргө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин көңүлүн буруу зарылдыгы бар.

Конституциялык контролдоо органынын 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечими Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесине өзгөртүү киргизүү бөлүгүндө гана аткарылган, ал эми мамлекеттик саясий кызматты өтөө жөнүндө укуктук жөнгө салуу чөйрөсүнө өзгөртүүлөр киргизилген эмес.

Конституциялык контролдоо органынын 2014-жылдын 24-январындагы чечими 2015-жылдын августунда Жогорку Кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын 1999-жылдагы Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу аркылуу аткарылган. Бирок, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын жаңы Кылмыш-жаза-процесстик кодекси кабыл алынганда конституциялык контролдоо органынын укуктук позициялары жана 2015-жылы кабыл алынган өзгөртүүлөр эске алынбай туюндурулган.

## Корутунду

Конституциялык сот конституциялык-укуктук жөнгө салууну, каралган иштерди жана материалдарды, жарандардын жана уюмдардын кайрылууларын системалуу талдоонун негизинде төмөнкүдөй тыянактарга жана сунуштарга келүүдө.

Конституциялык сот мамлекеттеги ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугуна контролдоо функциясын ишке ашырып жатып, 2022-жылы 9 мыйзам жана мыйзам алдындагы 1 акт текшерип чыкты. Көбү Конституциялык сот тарабынан Конституцияга ылайык келет деп табылды.

Конституциялык сот кабыл алынган мыйзамдарда Конституциянын принциптеринин жана ченемдеринин сакталганын жана өнүгүүсүн ырастады, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын, жарандардын жана юридикалык жактардын ишинде конституциялык мыйзамдуулуктун режимин андан ары камсыз кылууга багытталган укутук позицияларды калыпка келтирген.

Айрым мыйзамдарда кенемтелер жана укуктук күмөндүүлүк менен шартталган укуктук жөнгө салуунун кемчиликтери аныкталган, ага байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга аларды коомдук мамилелерди мыйзамдар аркылуу жөнгө салууну андан ары өркүндөтүүдө четтетүү сунушталган.

Конституциялык сот кайсы бир чечимдерде укук колдонуучулук практикада жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун болтурбоо максатында укуктук ченемдердин аныкталган конституциялык-укуктук мазмунун эске алуу менен мыйзамдардын колдонулушун сунуштаган.

Конституциялык сот мыйзам чыгаруучу кабыл алып жаткан мыйзамдарда түзүлүп жаткан коомдук мамилелерди орундуу чагылдыруу, коомдун жана мамлекеттин тиричилигинин маанилүү чөйрөлөрүндө укуктук жөнгө салууну белгилөөдө же өзгөртүүдө калктын калың катмарынын колдоосуна таянуу зарылдыгы бар деп эсептейт.

Мыйзам чыгаруу ишмердигинин практикасында бул максаттарда ченемдик укуктук актылар долбоорлору боюнча божомол, коомдук талкуу жана коомдук экспертиза, ар кандай диалог аянтчалар институттарын системалуу түрдө пайдалануу максатка ылайык.

Ченем жаратуучу органдар тарабынан коомдук мамилелердин ар кыл чөйрөлөрүн ишке ашырылып жаткан укуктук жөнгө салууга, ошондой эле укук коргоо жана башка коомдук органдардын укук колдонуучулук ишмердигине жарандардын ишенимин бекемдөө максатында жарандардын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин турмушка ашырууга багытталган мыйзамдуу жана негизделген чечимдерди кабыл алуу гана зарыл болбостон, аларды турмушка ашыруунун күчүндөгү механизмдердин жеткиликтүү формада түшүндүрүү дагы зарыл.

Мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу боюнча, ошондой эле ушул чечимдерде камтылган укуктук

позицияларды өзүнүн ишмердигинде эске алуу боюнча зарыл чаралар кабыл алынып жатат, бирок кызмат адамдарынын аларды аткаруу тартиби боюнча жетишсиз кабардар болгондугуна көбүнесе байланыштуу белгилүү бир көйгөйлөр бар экендигин белгилеп кетүү керек.

Конституция өзгөчө касиеттери бар саясий-укуктук акт болуп, инсандын, коомдун жана мамлекеттин идеалдарын колдонуудагы мыйзамдар, укуктук жана реалдуу саясат тилине которууга жол берет жана коом менен мамлекеттин демократиялык бакубаттуулуктун укуктук пайдубалы болуп кызмат кылат.

Пайдубал конституциялык дөөлөттөр негизинде эволюциялык конституциялык өнүгүү укук үстөмдүгүнө жана конституциялык укуктук тартипке карата жаңы коркунучтардын бузулушун камсыз кылат.

Конституциялык сот коомдук аң-сезимде өз өлкөсүнүн Конституциясын жана мыйзамдарын урматтай билүү, аң-сезимдүү жана ыктыярдуу сактап келүү Кыргыз Республикасынын омоктуу жана кубаттуу өнүгүү коомдун биримдиги жана ынтымактын негизи болуп саналат.




# *Сот адилеттигин ишке ашыруу сапатын жогорулатууну камсыз кылуу*


Мурунку баяндамаларда белгиленгендей, Конституциялык сотто Электрондук документ жүгүртүү тутуму (ЭДТ) ийгиликтүү иштеп жатат, ал аркылуу кайрылуулар менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, маалыматтын сапатын, толуктугун жана аныктыгын жакшыртууга, документтердин жоголушун болтурбоого өбөлгө түзүүчү электрондук документация базасы жүргүзүлүүдө.



Иш процесстерин автоматташтыруу жана мамлекеттик органдардын практикасына алдыңкы маалыматтык технологияларды киргизүү боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып Конституциялык сот «Инфодокс» автоматташтырылган электрондук документ жүгүртүү системасына кошулду.




Бул аянтча аркылуу бүгүнкү күндө башка мамлекеттик органдар менен документ жүгүртүү санариптик форматта жүргүзүлүп, почта жана транспорттук чыгымдарды азайтты.





Ошондой эле Конституциялык соттун, Конституциялык палатанын укуктук укуктук көз караштарын, Адам укуктары боюнча Европа сотунун укуктук көз караштарын, аналитикалык, ошондой эле башка маалымдама материалдары камтыган маалымат порталы ийгиликтүү иштеп жатат.

# Кайрылуулардын статистикасы


Судьялар тарабынан коллегияларда каралууга тийиш болгон кайрылуулар кайрылуунун предметине жараша жеке жана юридикалык жактардын арызы, судьялардын суроо-талабы жана кызмат адамынын, мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу өкүлүнүн сунуштамасы түрүндө берилет.

Конституциялык сотко кайрылуулардын көбүн жарандар жана юридикалык жактар беришет.




2022-жылы Конституциялык сотко жарандардан жана юридикалык жактардан 117 кайрылуу келип түшкөн, анын 68и конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болгон.

**2022-жылы Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылуулардын түрлөрү**



Эгерде келип түшкөн кайрылуу конституциялык өндүрүштүн предмети болуп калса, анда бул кайрылуунун жүрүш процесси төмөндөгү чийме боюнча жүргүзүлөт.

## Конституциялык сот өндүрүшүнүн процесси



*Кайрылуу Конституциялык сотко түшкөн күнү катталат*



*Конституциялык соттун Төрагасы түшкөн кайрылууну Конституциялык соттун судьялар коллегиясына өткөрүп берет*



*Соттук коллегия 30 күндүн ичинде кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат*



*Кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу же кабыл алуу жөнүндө аныктама үч айдын ичинде даттанылышы мүмкүн. Кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык сот токтом кабыл алат*



*Кабыл алынган кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып алты айдын ичинде каралат. Конституцияны чечмелөө жөнүндө, ошондой эле судьянын (судьялардын) суроо-талабы менен байланышкан иштер боюнча Конституциялык соттун актысы эки айлык мөөнөттө чыгарылууга тийиш. Президентке айып коюунун белгиленген тартибин сактоо жөнүндө корутунду берүү жөнүндө иштерде Конституциялык соттун актысы бир айдын ичинде чыгарылууга тийиш*



*Конституциялык сот отурумдун датасы жөнүндө катышуучуларга жазуу жүзүндө билдирет, маалымат Конституциялык соттун имаратындагы тактага жана расмий сайтына он күн мурда жайгаштырат*




*«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда каралган учурлардан тышкары кайрылуу ачык сот отурумунда каралууга тийиш.*




*Кайрылуулардын аймактык курамы*



## Кайрылуулардын гендердик курамы





## Конституциялык соттун жана судьялар коллегиясынын актылары




* уюштуруу маселелери боюнча 3 токтом

**!** Көрсөтүлгөн сандык дайынга 2022-жылы гана эмес, 2021-жылдын аягында келип түшкөн арыздарды кароонун жыйынтыктары да камтылган.

## Конституциялык соттун судьялар коллегиялары кабыл алган аныктамалардын динамикасы




| | 2022 | 2021 | 2020 |
|---|---|---|---|
| кабыл алуу жөнүндө СКА саны | 21 | 3 | 14 |
| баш тартуу жөнүндө СКА саны | 47 | 37 | 43 |

## Кайрылуулардын субъектилери боюнча маалымат (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап)

- 2 – Конституциянын беренелерине расмий түшүндүрмө берүү жөнүндө
- 1 – Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Мыйзамынын долбоору
- 3 – КР Президентинин жарлыгы
- 6 – КР Конституциялык Мыйзамы
- 38 – КР Кодекси
- 24 – КР Мыйзамы
- 7 – КР Өкмөтүнүн токтому
- 1 – сот актылары
- 1 – КР Жогорку сотунун Пленумунун токтому

## 2022-жылга кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептерин талдоо

Ар бир жаран мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституция тарабынан таанылган укуктарды жана эркиндиктерди бузат деп эсептесе, Конституция ар кимдин Конституциялык сотко кайрылуу укугун камсыздаган.

Ошону менен бирге Конституциялык сотко кайрылууда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинде белгиленген кайрылуунун жалпы талаптарын сактоо зарыл.

Конституциялык контролдоо органына келип түшкөн кайрылуулар төмөнкү этаптардан өтөт:

1) Конституциялык соттун аппараты тарабынан алдын ала текшерүү;

2) кайрылуулардын жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү (3 судьядан турган коллегия);

3) текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча судьялар коллегиясы кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат:

а) өндүрүшкө кабыл алынган учурда конституциялык сот өндүрүшү башталат;

б) баш тарткан учурда судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечими кабыл алынат.

Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу же аны кабыл алуу жөнүндө чечим арыз ээси тарабынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Талдоого алынган мезгил ичинде 47 кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган эмес.

Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептерин кененирээк карап чыгалы.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда кайрылууларга карата белгилүү бир талаптар белгиленген, алар боюнча конституциялык сот өндүрүшү козголот. Ошентип, бул талаптар төмөнкүдөй:

1. формасы жана мазмуну боюнча кайрылуунун шайкештиги;

2. тиешелүү субъект;

3. караштуулук;

4. кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуулугун текшерүү фактысынын жана өзүнүн күчүн сактаган Конституциялык соттун актысынын жоктугу.

Көрсөтүлгөн талаптар бузулган учурда судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

2022-жылы судьялар коллегиясынын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чыгарылган аныктамалары боюнча кайрылуулардын талдоосуна ылайык көпчүлүк учурларда баш тартуунун себеби "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө"

конституциялык Мыйзамдын кайрылуунун мазмунуна карата талаптарынын бузулушу болуп саналат:

- кайрылуучу тараптын коюлган маселе боюнча укуктук позициясынын жоктугу жана Конституциянын ченемдерине таянуу менен укуктук негиздемеси;

- кайрылууну кароо үчүн Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын, эл аралык келишимдин Конституцияга ылайык келүүсүндө пайда болгон күмөндүүлүктүн же компетенттүүлүк жөнүндө талаш-тартыштарда ыйгарым укуктарга ээлик кылуу боюнча тараптардын көз караштары ортосунда карама-каршылыктардын, ошондой эле укук жаратуу жана/же укук колдонуу процессинде конкреттүү фактылык жана юридикалык жактарга байланыштуу Конституциянын жоболорун түшүнүүдө белгисиздик (так эместик, түшүнүксүздүк) кырдаалдардын пайда болуусуна негиздердин жоктугу саналат.

Алсак, кайрылуунун формасы жана мазмуну боюнча талаптарды бузуунун негизи боюнча 26 учурда кароодон баш тартылган.

Кайрылууда коюлган маселелер Конституциялык сотко караштуу болбогондуктан 2 кайрылууну кароодон баш тартылган.

6 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы кайрылуу талаптагыдай эмес субъектиден келип чыккандыгына байланыштуу кароодон баш тарткан.

10 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы кайрылууда көрсөтүлгөн маселелердин конституциялуулугу мурда конституциялык контролдоо органы тарабынан текшерилген жана өзүнүн күчүн сактаган актылары бар экен үчүн баш тарткан.

1 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы кайрылууда конституциялуулугу талашылып жаткан актыны жокко чыгаруунун же күчүн жоготуунун себеби боюнча баш тарткан.

2 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы кайталап берилген кайрылууда талашылып жаткан ченемдик укуктук актыга тиешелүү жаңы аргументтер жана жүйөлөр жок болгондугуна байланыштуу баш тартты.



«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө же арыз ээси тарабынан аны Конституциялык сотко кабыл алуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасына үч айдын ичинде даттануу мүмкүнчүлүгү каралган.

## Даттануулар боюнча маалымат




## Келип түшкөн кайрылуулардын пайыздык көрсөткүчү

| Жыл | Кайрылуулардын саны | Кабыл алынгандардын саны | Пайыз түрүндө |
|---|---|---|---|
| 2020 | 57 | 14 | 24,5% |
| 2021 | 52 | 3 | 5,7% |
| 2022 | 68 | 21 | 30,8% |



# Иш-чаралар

## Кыргыз Республикасынын судьяларынын XII Съезди

2022-жылы 4-мартта "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында президент Садыр Жапаровдун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын судьяларынын XII Съезди өттү.

Съезддин ишине Конституциялык соттун төрагасы, судьялары, аппарат жетекчиси, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун судьялары, Жогорку Кеңештин профилдик комитетинин төрагасы, министрлер кабинетинин мүчөлөрү, Башкы прокурор, президенттин администрациясынын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле башка чакырылган коноктор катышты.



Президент Садыр Жапаров өз сөзүндө судьялардын калыстыгына, компетенттүүлүгүнө жана адилеттүүлүгүнө көлөкө түшүргөн аракеттер, Судьялардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерин бузуу жана башка терс көрүнүштөр жеке судьянын кадыр-баркына гана доо кетирбестен, бул өлкө Президентинин жана Кыргыз Республикасынын аброюна дагы доо кетирет деп белгиледи.

Президент өз сөзүндө судьялардын кадрдык потенциалын жана кесипкөйлүгүн тандоо, деңгээлин жогорулатуу, сот процессинин ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн сот системасын санариптештирүү маселелерин да белгиледи.



Съезддин экинчи бөлүгүндө Судьялар кеңешинин отчетун угушту, анын Регламентин бекитишти, Судьялар кеңешинин жана анын резервинин жаңы курамын шайлашты. Иш-чаранын аягында Судьялар съездинин резолюциясы кабыл алынган.

### *«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мамлекеттик бийлик органдарынын тутумундагы орду жана мааниси жана анын конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуудагы ролу» темасындагы улуттук конференция*

15-апрелде Бишкекте «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мамлекеттик бийлик органдарынын тутумундагы орду жана мааниси жана анын конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуудагы ролу» темасындагы улуттук конференция болуп өттү. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан Европа Биримдигинин «Кыргыз Республикасында укуктун үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү – 2-фаза» долбоорунун колдоосу менен уюштурулган.




Конференцияга Жогорку Кеңештин депутаттары, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун судьялары, Президенттин Администрациясынын жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ошондой эле өкмөттүк эмес уюмдардын, илимий чөйрөлөрдүн, эксперттик коомчулуктун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Конституциялык соттун төрагасы Эмиль Осконбаев бийликти бөлүштүрүү принциби алардын такыр эле өзүнчө болуп, бөлүнүп иштешин билдирбейт, тескерисинче алар макулдашып иштеп, өз ара аракеттенүү керек дегенди болжолдойт деп белгиледи. «Бийликти бөлүштүрүү жана тең салмактуулук принциби конституциялык деңгээлде жөнгө салынганына карабастан, бул принципти колдонуу аспектилерин түшүнүү маанилүү. Бийлик бутактарынын ортосунда ар дайым конструктивдүү мамиле жана өз ара түшүнүү болуу керек. Бийликтин ар бир бутагы тизгиндөө жана тең салмактуулук системасын камсыз кылууга, бийликтин башка бутагы чөйрөсүнө кийлигишүүнү чектөөгө тийиш, мамлекеттик органдардын тутумунда бири-биринин ролун бирдей түшүнүү зарыл. Мындай түшүнүккө бүгүнкүдөй иш-чаранын алкагында жетишүүгө болот» деп жыйынтыктады.



Конференциянын жүрүшүндө Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча Комитеттин экс-төрагасы М.К. Алиев, Европа Бирлигинин «Кыргыз Республикасында укуктун үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү – 2-фаза» долбоорунун жетекчиси Стефанос Кареклас да саламдашуу сөзү менен чыгып сүйлөдү, алар конференциянын тематикасынын маанилүүлүгүн белгилешти. Баяндамалар менен юстиция министри А. Б. Баетов, Жогорку Кеңештин экс-депутаты Н. Никитенко, Конституциялык сотунун судьясы Ч. А. Айдарбекова, Молдованын Конституциялык сотунун экс-төрагасы Александра Тэнасе, Конституциялык соттун төрагасы Э. Ж. Өскөнбаев жана Конституциялык соттун аппаратынын жетекчиси М. Т. Джаманкулов чыгып сүйлөштү.

Баяндамачылар өз сөзүндө Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти куруу принциптери, мыйзам үстөмдүгүн камсыз кылууда мыйзам чыгаруу органынын ролу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык бийликтин мыйзам чыгаруу жана сот бутактарынын өз ара аракеттенүү формалары, мамлекетте мыйзамдуулук режимин бекемдөөдө конституциялык контролдоонун мааниси, мыйзам чыгарууда жана конституциялык сот адилеттигинде колдонулуучу укуктук принциптер, атап айтканда пропорционалдык принцип, ошондой эле конституциялык контролдоо органынын чечимдерин аткаруу көйгөйлөрү жөнүндө айтып беришти.



## Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна келди

2022-жылы конституциялык контролдоо органы үчүн маанилүү окуя болду. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 5-майда, өлкөнүн Конституция күнүндө биринчи жолу Конституциялык сотко келди.

Президенттин иш сапарынын жүрүшүндө Конституциялык соттун төрагасы Э. Ж. Өскөнбаев Мамлекет башчысына сот бийлигинин жогорку органынын иши, сот өндүрүшүнүн процесстери, сот тутумун санариптештирүү ж. б. жөнүндө айтып берди.



Президент жарандарды кабыл алуу бөлмөсүн, китепкана фондун, отурумдар залын көрүп чыгып, Конституция күнүн майрамдоонун урматына конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органынын ишине кошкон салымы үчүн Конституциялык соттун ардагерлерине, судьяларына жана кызматкерлерине сыйлыктарды тапшырды.

- Конституциялык соттун төрагасынын орун басары Карыбек Арстанбекович Дуйшеев;
- Конституциялык соттун судьясы Меергуль Рыскулбековна Бобукеева;
- Конституциялык соттун судьясы Жедигер Ибраимович Саалаев;
- Конституциялык соттун мурдагы судьясы Курмантай Абдиевич Абдиев;
- Конституциялык соттун мурдагы судьясы Куанбек Манаевич Киргизбаев

Президенттин энчилүү сааты менен сыйланган.











- Конституциялык соттун аппаратынын каржы-чарба бөлүмүнүн башчысы Айзада Бокоевага;
- Конституциялык соттун аппаратынын эксперттик-аналитикалык башкармалыгынын начальниги Кубанычбек Алыбаевге;
- Конституциялык соттун аппаратынын эл-аралык байланыштар жана мыйзамдарды салыштырма анализдөө бөлүмүнүн башчысы Каныбек Масалбековго;
- Конституциялык соттун аппаратынын эксперттик-аналитикалык башкармалыгынын укуктук жана уюштуруучулук камсыздоо бөлүмүнүн улук консультанты Уланбек Нурматовго Президенттин атынан ыраазычылык жарыяланды.








Ошондой эле Садыр Жапаров кеңешме бөлмөсүн карап чыгып, Каалоолор китебине эстелик жазуу калтырды.



Мамлекет башчысы ЖОЖдордун үч студентин Кыргызстандын Конституция күнүнө арналган жыл сайын өтүүчү жалпы республикалык сынакта жеңиши менен да куттуктады.



Кароо аяктагандан кийин Президент иш-чаранын катышуучуларын жана өлкөнүн бардык жарандарын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышынын 29 жылдыгы менен куттуктады.



Президенттин куттуктоо сөзүнөн:

*«1993-жылы Конституциянын кабыл алынышы Кыргызстандын көз карандысыздыгынын, сөз эркиндигинин жана элдик бийликтин принциптери болгон жаңы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышынын маанилүү этабы болуп калды».*

Мамлекет башчысы Негизги Мыйзамдын тагдыры оңой болгон жок – ага бир нече жолу түзөтүүлөр киргизилип, жаңы редакциялар кабыл алынган, бирок буга карабастан бүтүндөй укуктук тутум 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституцияга негизделгенин баса белгилеген.



Садыр Жапаров, биринчи Конституциянын аркасы менен өлкөдө жаңы экономикалык тартиптер жана адеп-ахлактык баалуулуктар калыптанып, алар Кыргызстандын дүйнөлүк коомчулукка анын тең укуктуу жана тең ата мүчөсү катары киришине шарт түздү деп белгиледи.

Дал ошон үчүн ал 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда кабыл алынган учурдагы Конституцияга 2021-жылдын 5-майында кол койду.



Президент белгилегендей,

*жаңы Конституция-коомдун негизги саясий күчтөрүнүн кызыкчылыктарын эске алган компромисстин натыйжасы. Бийликти бөлүштүрүү принциби Конституциялык сотту калыбына келтирүү жана анын ыйгарым укуктарын күчөтүү аркылуу кыйла таасирдүү болуп калды. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери эл аралык стандарттарга толук шайкеш келгидей, ошондой эле реалдуу элеске ээ болгондой системалаштырылган жана деталдаштырылган.*

«Конституцияны жөнгө салуунун саясий-укуктук чөйрөсү кескин өзгөрдү. Президенттик башкаруу формасына өтүү кыйынга турду, бирок бул, биз демократиялык принциптерден баш тарттык дегенди билдирбейт. Бул элдин тандоосу болчу. Өткөн жылдардын тажрыйбасы көрсөткөндөй, өлкөнү жоопкерчиликтүү башкаруу мезгили келди. Ошол эле учурда, элдин кылымдык тарыхына таазим кылуу менен, элге өз бийлигин түздөн-түз жүзөгө ашырууга мүмкүндүк бере турган Элдик Курултай сыяктуу демократиялык институт кеңири ыйгарым укуктар менен киргизилүүдө. Конституция адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, демократиялык институттарды, жеке менчикти, конституциялык түзүлүштүн негизин түзгөн экономикалык ишмердүүлүктүн эркиндигин бекитет. Бул баалуулуктар укуктук, демократиялык мамлекеттин өзөгү болуу менен Конституциялык сот тарабынан корголот жана кайтарууга алынууда» — деп белгиледи Президент Садыр Жапаров.

## «Конституциялык сот адилеттиги аркылуу конституциялык укукту өнүктүрүү: Конституциялык соттун чечимдери жана алардын конституциялык маданиятка тийгизген таасири» темасындагы конференция

2022-жылдын 20-октябрында "Конституциялык сот адилеттиги аркылуу конституциялык укукту өнүктүрүү: Конституциялык соттун чечимдери жана алардын конституциялык маданиятка тийгизген таасири" темасында конференция болуп өттү. Иш-чарага Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев, Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, Конституциялык кеңешменин төрагасы (2020-ж.), юридика илимдеринин доктору, профессор Б.И. Борубашев, Евробиримдиктин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн иштериндеги Убактылуу ишенимдүү өкүлү Раймондс Вингрис катышты.




Конференциянын жүрүшүндө «Кыргыз Республикасында укук үстөмдү – 2-фаза» программасынын негизги эксперти Александру Тэнасе «Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу» монографиясын презентациялады, анын авторлору:

Райнер Арнольд — Регенсбург Университетинин Профессору;

Зарина Эсеналиева – Конституциялык сотунун аппаратынын укуктук жана уюштурууну камсыздоо бөлүмүнүн башчысы;

Аяз Баетов – ю.и.д., Кыргыз Республикасынын Юстиция министри, Эл аралык интеграциялык укук жаатындагы адис;

Асель Курманалиева — ю.и.к., окутуучу, Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу академиясынын директору;

Тома Бирмонтиене — Миколас Ромерис университетинин (Литва) юридикалык факультеттин профессору, Литванын Конституциялык Сотунун отставкадагы судьясы;

Александру Тэнасе — «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү – 2-фаза» (ROLPRO-2) программасынын негизги эксперти;

Алия Маралбаева — ю.и.к., окутуучу, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети, Ала-Тоо эл аралык университети;

Тони Фикеншер – Регенсбург университетинин укук доктору.




Конституциялык сотунун төрагасы Э.Ж. Осконбаев төмөнкүнү белгиледи:

---

*«Илимий эмгек катары бүгүн иш-чарада сунушталган монографияны түзүүгө Кыргызстандан гана эмес, чет өлкөлүк өнөктөштөрдөн, анын ичинде Европадан юридика илимдеринин докторлору да катышкан биринчи эмгек болуп саналат. Бул иш эң маанилүү идеяны карманып, ар кандай көз караштарды жана мамилелерди ачуу боюнча өтө чоң иштин башталышы болду, бул өлкөнү конституциялаштыруу иши, ансыз адилеттүү коомду куруу мүмкүн эмес».*

---

Жогорку Кеңештин депутаттары, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү, Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун судьялары, Президенттин Администрациясынын жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ошондой эле өкмөттүк эмес уюмдардын, илимий чөйрөлөрдүн, эксперттик коомчулуктун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү конференцияга чакырылган.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгү – 2-фаза» (ROLPRO-2) долбоорунун колдоосу менен өткөрүлдү.



## Тегерек стол: «Конституциялык сот адилеттигинин контекстинде сот бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери»

2022-жылдын 1-ноябрында «Конституциялык сот адилеттигинин контекстинде сот бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери» деген темада тегерек стол болуп өттү, ага Конституциялык соттун судьялары жана Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитеттин мүчөлөрү катышты.




Тегерек столдо Конституциялык сот менен Жогорку Кеңештин ортосундагы кызматташтыкты мындан ары чыңдоо жана өнүктүрүү маселелери талкууланды. Мындай иш-чаралар бийликтин мыйзам чыгаруу жана сот бутактарынын ролун жана коомду конституциялаштырууда, Конституцияны коргоодо жана сактоодо, мамлекетте мыйзамдуулукту камсыздоодо алардын ар биринин тыгыз өз ара аракеттенүүсүн түшүнүүгө өбөлгө түзөт.



«Конституциялык Сот адилеттигинин контекстинде сот жана мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери» жемиштүү жана натыйжалуу тегерек столунда кийинки баяндамалар угулду жана талкууланды:

- Медербек Алиев, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана регламент боюнча комитетинин төрагасы — Конституциянын алкагындагы парламенттин ролу, орду, миссиясы;
- Александру Тэнасе, ЕБ «КР укуктун үстөмдүгү – 2-фаза» программасынын негизги эксперти – Конституциянын эң лигитимдүү чечмелөөчүлөрүнүн бири катары конституциялык контроль;
- Эмиль Осконбаев, Конституциялык соттун төрагасы - Кыргыз Республикасында конституционализмди камсыз кылуунун жогорку формасы катары Конституциялык сот адилеттиги;
- Гуля Кожокулова, Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча комитеттин мүчөсү — Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин ишке ашыруунун айрым маселелери;
- Меергуль Бобукеева, Конституциялык соттун судьясы — Конституциялык соттун чечимдери жана алардын мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда конституциялык маданиятты калыптандырууга тийгизген таасири;
- Алла Спале, Латвиянын юстиция кеңешинин катчылыгынын жетекчиси – Латвиядагы Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу (онлайн);
- Марат Джаманкулов, Конституциялык соттун аппарат жетекчиси — Конституциялык соттун чечимдеринин юридикалык күчү жана аларды аткаруунун тартиби.



Иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан, Евробиримдиктин «Кыргыз Республикасындагы укуктун үстөмдүгү – 2-фаза» программасынын колдоосу менен уюштурулду.

# *Эл аралык кызматташтык*

## Конституциялык сот эл аралык уюмдардын мүчөсү катары

Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшүндөгү конституциялык контролдоо органдарынын ролун эске алуу менен конституциялык сот адилеттиги укуктук мамлекетти жана демократиялык коомду куруунун эң натыйжалуу куралы катары эл аралык мамилелердин өз алдынча предмети болуп калды. Ушуга байланыштуу Конституциялык сот эки тараптуу форматта, ошондой эле конституциялык сот адилеттиги боюнча эл аралык уюмдардын жана региондук бирикмелердин линиясы боюнча эл аралык байланыштарды түзүүгө жана чыңдоого өзгөчө көңүл бурат.

Алдыңкы тажрыйба алмашуу жана конституциялык сот адилеттигин жүргүзүүнүн мыкты тажрыйбасын үйрөнүү максатында Конституциялык сот тарабынан Европа, КМШ жана Азия-Тынч океан региондорунун конституциялык контролдоо органдары менен тыгыз байланыштар түзүлгөн. Европа Бирлиги жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы менен өз ара аракеттенүүнү андан ары өнүктүрүү жана тереңдетүү боюнча иштер туруктуу негизде жүргүзүлүүдө.

Мындан тышкары, Конституциялык сот конституциялык сот адилеттиги боюнча дүйнөлүк конференция (2014-ж.), Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясы (2015-ж.), Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын конституциялык сот адилеттиги боюнча биргелешкен кеңеши (2004-ж.), Конституциялык контролдоо органдарынын Евразиялык ассоциациясы (1997-ж.) сыяктуу кесиптик эл аралык жана региондук бирикмелердин толук укуктуу мүчөсү болуп саналат. 2022-жылы Конституциялык сот жаңы түзүлгөн эки форумдун мүчөсү болду: Ислам дүйнөсүнүн мамлекеттеринин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясы жана түрк мамлекеттеринин уюмунун мүчө мамлекеттеринин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясы.

Аталган уюмдардын толук укуктуу мүчөсүнүн статусу Конституциялык сотко мүчө өлкөлөрдүн конституциялык контролдоо органдары менен кеңири өз ара аракеттенүүгө, конституциялык сот адилеттигин жүргүзүү маселелери боюнча билим жана тажрыйба

алмашууга, ошондой эле адамдын жана жарандын пайдубал укуктарын жана эркиндиктерин коргоого өбөлгө түзөт.

Судьялардын жана Конституциялык соттун өкүлдөрүнүн эл аралык деңгээлдеги кесиптик илимий-практикалык иш-чараларга активдүү катышуусунун санынын өсүшү жогоруда аталган эл аралык өнөктөштөр менен тыгыз өз ара аракеттенүүнүн оң натыйжасы. Бул эл аралык иш-чараларга катышуу Конституциялык соттун ишинин натыйжалуулугун олуттуу жогорулатууга өбөлгө түзөт жана Кыргызстанда конституционализмди тереңдетүүгө жана андан ары өнүктүрүүгө багытталган жаңы ыкмаларды жана демилгелерди киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ошондой эле, эл аралык эксперттердин баалоосу боюнча Конституциялык соттун иши бардык заманбап эл аралык стандарттарга жооп берерин белгилей кетүү зарыл.

## Эл аралык иш-чаралар

2022-жылдын 31-мартында Азиялык конституциялык соттордун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын (АКСА) Башкы катчыларынын видеоконференц байланыш аркылуу жолугушуусу болуп өттү.

Отурумга Конституциялык соттун аппарат жетекчиси Марат Джаманкулов жана эл аралык мамилелер жана мыйзамдарды салыштырма талдоосу бөлүмүнүн башчысы Каныбек Масалбеков катышты.



Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучулар АКСА Уставына сунушталган өзгөртүүлөрдү жана Улан-Батор Декларациясынын долбоорун талкуулашты, алар кийинчерээк 2022-жылдын 30-июнунда Монголиянын Улан-Батор шаарында өтө турган АКСАнын V Конгрессинин талкуусуна коюлат, уюмдун ишмердүүлүгү боюнча пикир алмашуу болуп, катышуучулар Ассоциациянын ишмердүүлүгүн мындан ары өнүктүрүү жана активдештирүү боюнча өз сунуштарын айтышты.

2022-жылдын 25-апрелинде Түркиянын борбору Анкарада Түркиянын Конституциялык сотунун 60 жылдыгына «Адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы Конституцияны чечмелөө» аттуу эл аралык конференция болуп өттү. Конференцияга Конституциялык соттон Конституциялык соттун төрагасынын орун басары К.А. Дуйшеев катышты.

Конференциянын иши «Адамдын негизги укуктары менен эркиндиктеринин көлөмүн аныктоодо конституциялык чечмелөөнүн таасири», «Адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин чечмелөөгө эл аралык укуктун таасири» жана «Конституциялык сот адилеттиги жаатындагы эл аралык кызматташтыктын мааниси» аттуу үч секциялык отурумдун алкагында өткөрүлдү.



Ачылыш аземине Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдоган катышты.

Конференциянын жыйынтыгын чыгарып жатып, Түркия Республикасынын Конституциялык сотунун Төрагасы конференциянын катышуучуларына катышканы үчүн, баяндамачылардын сүйлөгөн сөздөрү үчүн ыраазычылык билдирди, ал эми бардык катышуучулар өз кезегинде конференциянын уюштурулушунун жогорку деңгээлин жана конференциянын темасынын актуалдуулугун бир добуштан белгилешти.

Ошондой эле, конференциянын алкагындагы иш-чаранын акыркы күнүндө Түрк мамлекеттеринин Уюмуна мүчө мамлекеттердин Конституциялык сотторунун/кеңештеринин жетекчилеринин жана өкүлдөрүнүн биринчи жолугушуусу болуп өттү, анын жыйынтыгында Түрк мамлекеттеринин уюмуна мүчө мамлекеттердин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясын түзүү жөнүндө Стамбул декларациясы кабыл алынды.

Бул көз карандысыз форумду түзүүнүн негизги максаты - түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүндө конституциялык сот өндүрүшү жана мыйзамдын үстөмдүгү менен адам укуктарын бекемдөө боюнча кыйла натыйжалуу пикир жана тажрыйба алмашуу.

2022-жылдын 10-майында Тажикстандын борбору Дүйшөмбү шаарында «Конституциялык сот адилеттиги жана мыйзам үстөмдүгү» деген темада эл аралык тегерек стол өттү. Иш-чараны Венеция комиссиясы Тажикстан Республикасынын Конституциялык соту менен биргеликте уюштурган.

Тегерек столдун ишине Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы М.Р. Бобукеева катышып, «Конституциялык сот адилеттигинин мыйзамдуулукту чыңдоого тийгизген таасири. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун иш тажрыйбасы» темасында баяндама жасады.



Тегерек столдун иши үч секциялык отурумдун алкагында өткөрүлдү: «Мыйзамдуулуктун негизги конституциялык принциби», «Конституциялык сот адилеттигинин мыйзамдуулукту бекемдөөгө тийгизген таасири» жана «Мыйзамдуулуктун принцибин калыптандырууда жана инсандын укуктарын коргоону камсыз кылууда Конституциялык соттордун ролу».

Иш-чарага Казакстан менен Өзбекстандын конституциялык контролдоо органдарынын судьялары, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, Венеция комиссиясынын эксперттери жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү дагы катышты.

18-19-августта Монголиянын Улан-Батор шаарында Азия ассоциациясынын төрагалыгынын алкагында Монголиянын Конституциялык соту уюштурган Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын (АКСА) 5-Конгресси болуп өттү.

Иш-чара гибриддик режимде (онлайн жана оффлайн) «Азиядагы конституциялык сот адилеттигин учурдагы өнүктүрүү» темасында өттү, анын алкагында видеоконференцбайланыш режиминде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы Л.Жумабаев «КОВИД-19 пандемиясынын шартында Кыргыз Республикасында

конституциялык сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун айрым аспектилери жөнүндө» деген темада баяндама жасады.



Конгресстин алкагында, конференциянын биринчи күнү АКСА мүчөлөрү Кеңешинин пленардык отуруму болуп өттү, анда АКСА катчылыктарынын туруктуу иштеп жаткан отчеттору угулуп, бир катар чечимдер талкууланды жана кабыл алынды: президенттик мөөнөттүн ийкемдүүлүгү; араб тилин Ассоциациянын расмий жумушчу тилдеринин бири катары киргизүү; мүчөлүк жөнүндө билдирүүлөр (Палестина Мамлекети).

Ошондой эле жыйындын алкагында иш-чаранын акыркы күнү бекитилген Улан-Батор декларациясынын долбоору талкууланды.

Конгресстин ишине Азия ассоциациясынын мүчөлөрү, чет өлкөлөрдүн конституциялык юстиция органдарынын төрагалары жана судьялары, Монголиянын мамлекеттик түзүмдөрүнүн жетекчилери, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Иш-чара аяктагандан кийин Ассоциациянын ишмердигинин маселелери боюнча пикир алмашуу болуп өттү, катышуучулар мындан ары кызматташтыкты өнүктүрүү жана тереңдетүү боюнча сунуштар менен бөлүшүштү, бул Ассоциациянын ишин жигердештирүүнү бекемдөөгө кызмат кылат.

2022-жылдын 26-августунда, Алматы шаарында (Казакстан Республикасы) Казакстан Республикасынын Конституция күнүнө арналган «Коомдун жана мамлекеттин трансформациясындагы конституциялык контролдоонун эволюциясы» темасындагы эл аралык тегерек стол өттү.

Иш-чаранын уюштуруучусу Европа кеңешинин жана ЕБдин Борбордук Азиядагы укуктун үстөмдүгү боюнча 2020-2023-жылдарга карата программасы менен биргеликте Казакстан Республикасынын Конституциялык кеңеши болуп саналат. Тегерек столдун ишине Конституциялык сотунун төрагасы Э.Ж. Осконбаев катышты.




Ал өз сөзүндө конституциялык контролдоонун алкагында жарандардын кайрылууларын кароо боюнча Кыргызстандын тажрыйбасы менен бөлүштү.

Иш-чарага Хорватиянын, Тажикстандын, Өзбекстандын конституциялык контролдоо органдарынын судьялары, Казахстандын Конституциялык Кеңешинин судьялары жана мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү да катышты.

Конституциялык сотунун төрагасы Э.Ж. Осконбаев жетектеген делегация Индонезияда Конституциялык сот адилеттиги боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциянын (WCCJ) 5-Конгрессине катышты.

Иш-чарага 98 өлкөнүн делегациясы катышып, беш өлкөнүн ичинен Кыргызстан дагы негизги баяндамачы болду. Мындай мүмкүнчүлүк Кыргызстанга биринчи жолу берилгенин белгилей кетүү керек.

Иш–чаранын башкы максаты – демократиянын, адам укуктарын коргоонун жана укуктун үстөмдүгүнүн негизги элементи катары адам укуктары жаатындагы прецеденттик укукту кошо алганда, конституциялык сот адилеттигин илгерилетүү, ошондой эле глобалдык маселелер боюнча конституциялык соттордун ортосундагы соттук диалогго көмөктөшүү болду.



2022-жылдын 5-октябрында Э.Ж. Осконбаев WCCJ «Тынчтыкты турукташтырууда конституциялык соттордун ролун чектөө» сессиясында негизги баяндамачылардын бири болуп чыкты.




2022-жылдын 18-ноябрында Конституциялык сотунунун төрагасынын орун басары Карыбек Дуйшеев Евразия экономикалык биримдигинин Сотунун V эл аралык конференциясында онлайн чыгып сүйлөдү. Иш-чара ЕАЭБде сот адилеттигине жетишүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылууну талкуулоого арналган.



Евразия экономикалык биримдигинин соту Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө келишимге ылайык Биримдиктин туруктуу иштөөчү сот органы катары түзүлгөн. ЕАЭБдын укук тартибин кепилдеген маанилүү органдардын биринин функциясын аткаруу жана көз карандысыз орган катары ЕАЭБ өлкөлөрүндө сот системасынын ишин өркүндөтүү боюнча олуттуу иштерди аткарган.

Карыбек Дуйшеев өз сөзүндө Конституциялык сот конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык көзөмөлдү өз алдынча жүзөгө ашыруучу жогорку сот органы болуп, конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн, ачыктыгын камсыз кылуу боюнча шарттарды жогорулатууга, коомдун өз ишмердүүлүгүнө болгон ишенимин жогорулатууга умтулат деп белгиледи. Судьялардын көз карандысыздыгын бекемдөөгө, сот тутумунун болушунча натыйжалуулугун жапна сот адилеттигине жетишүүнү камсыз кылууга багытталган реформаны үзгүлтүксүз улантуу маанилүү.

2022-жылдын 18-22-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялары Латип Жумабаев жана Жамил Шаршеналиев Индиянын Лакхнау шаарында өтүп жаткан Индиянын Конституциясынын 51-беренесине арналган дүйнөнүн башкы судьяларынын 23-эл аралык конференциясына катышты.

Конференциянын темасы – «Колдонуудагы дүйнөлүк укук жана натыйжалуу глобалдык башкаруу аркылуу балдардын кызыкчылыгында дүйнөнү бириктирүү» болду.



Иш-чара дүйнөдөгү согуш кырдаалынан, эл аралык терроризмдин жайылышынан, глобалдык жылуулуктан жана айлана-чөйрөнүн деградациясынан жана массалык кыргын салуучу куралдардын топтолушунан улам, акыркы жети он жылдыкта келечеги кооптуу жана корголбогон дүйнөнүн балдарынын жана төрөлө элек муундун алдында жоопкерчиликти аткаруу максатында өттү.

Конференцияны Монтессори шаардык мектеби (Лакхнау, Индия) уюштурду. Иш-чарага 136 мамлекеттин жогорку сот органдарынын судьялары жана мамлекет/өкмөт башчылары катышты.

2022-жылдын 22-25-декабрында Стамбулда Түркия Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы Зухту Арсландын чакыруусу боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы Эмил Осконбаев башында турган делегациясы Ислам дүйнөсүнүн мамлекеттеринин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясына катышты (İDAY). Иш-чаранын жүрүшүндө уюмдун уставы кабыл алынды. Ага дүйнөнүн 36 өлкөсүнөн конституциялык көзөмөл жүргүзгөн жогорку сот бийлигинин 136 өкүлү катышты.

Ошондой эле, сапардын алкагында Эмиль Осконбаев Түркия, Кыргызстан, Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан уюштуруучу болгон Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө мамлекеттердин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясынын (TÜRK-AY) биринчи отурумуна катышты, ал эми Түндүк Кипр жана Түркмөнстан бул уюмда байкоочу катары чыгышты.



Эки ири институттун түзүлүшүнүн урматына эл аралык конференция уюштурулуп, ага Түркия президенти Режеп Тайып Эрдоган катышып, сөз сүйлөдү. Ошентип, Режеп Тайып Эрдоган белгилегендей, конституциялык сот бийлигинин чөйрөсү кенен. Бүгүнкү күндө конституциялык соттор конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди коргоонун алмаштырылгыс институттары. Ислам дүйнөсүнүн конституциялык көзөмөлүнүн жогорку сотторунун башчыларына конференцияга катышкандыгы үчүн ыраазычылык билдирди. “Ислам дүйнөлүк конституциялык сот тутумунун конференциясынын алкагында конституциялык көзөмөл жүргүзүүчү жогорку сот органдарынын кызматташуусу жана тажрыйба алмашуусу чоң мааниге ээ.

## *Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ишинин ачыктыгы жана айкындуулугу*

### Жарчы

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 57-беренесине ылайык «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысы» Конституциялык соттун расмий басылмасы болуп саналат. Аталган конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин жоболоруна ылайык жыйынтыктоочу актылар Конституциялык соттун Жарчысына жарыялануусу тийиш.



Вестник № 1, 1-часть 2014-г.



Вестник № 1, 2-часть 2014-г.



Вестник № 2, 2014-г.



Вестник № 3, 2015-г.



Вестник № 4, 2015-г.



Вестник № 1(5) 2016-г.



Вестник № 1(6), 2017-г.



Вестник № 1(6), 2017-г.

Конституциялык соттун Жарчысы кабыл алынган чечимдер жөнүндө коомчулукка маалымдоо максатында жыл сайын чыгарылат. Мындан тышкары, Конституциялык соттун Жарчысында укук маселелери боюнча судьялардын жана илимдин ишмерлеринин илимий макалаларын Жарыялоо практикасы бар.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун №1 (11) / 2021-жылдагы Жарчысынын кезектеги чыгарылышы жарык көргөн, анда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын жана Конституциялык сотунун 2021-жылга карата чечимдери жарыяланган.

2013-жылдан бери жарым жылда бир жолу же жылына бир жолу басылып чыгат.

## Расмий сайт

Расмий сайтта конституциялык сот кабыл алган бардык актылар жайгаштырылат, ошондой эле кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамалары.

Конституциялык соттун маалыматын жаңыртуу жана өз ишин чагылдыруу боюнча жумуштарды туруктуу негизде жүргүзөт, алдыда боло турган соттук отурумдар жөнүндө маалымат, конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө маалымат, конституциялык контролдоо органынын чечимдеринин аткарылышына сереп жана башка маалыматтар жайгаштырылууда.




Расмий сайтта Конституциялык соттун ишмердигин жөнүндө маалыматты жайгаштыруудан тышкары, басма сөз кызматы Конституциялык соттун ишмердигин социалдык тармактарда жарыялоо боюнча жумуштарды жүргүзөт.

# *Коомчулук менен өз ара аракеттенүү*

## Студенттер арасында республикалык дилбаян сынагы

Конституциялык сот тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнү өткөрүлүүчү иш-чаралардын алкагында жыл сайын Республикалык дилбаян сынагы өткөрүлөт.

Ошентип, 5-майда, Конституциялык сотто Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө арналган студенттер арасындагы сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо боюнча салтанаттуу иш-чара өттү. Сынак Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан USAID «Укук булагы» долбоорунун техникалык колдоосу менен уюштурулган.

Бул сынак жаштарды укуктук жактан агартуу жана алардын аң-сезиминде Конституциянын мамлекеттин Негизги Мыйзамы катары маанисин бекитүү максатында өткөрүлдү.

Сынакка республиканын бардык булуң-бурчунан 30 жогорку окуу жайдын 184 студенти катышты.

Бардык иштер сынактык комиссияга катышуучунун аты-жөнүн жана окуган жерин көрсөтпөстөн шифрленген түрдө берилген.

Сынактык комиссия иштерди баалоодо төмөнкүдөй критерийлерди жетекчиликке алган:

- жаңылык жана материалдын инновациялык түзүүчүсү;
- теманы ачуу деңгээли;
- так жана логикалык баяндоо;
- мазмундуу жана оригиналдуу ойлор;
- креативдүүлүк.




Жыйынтыгында сынактык материалдарды баалоонун татаал процессинен кийин Конституциялык соттун судьяларынан жана аппараттын кызматкерлеринен, ошондой эле

USAID «Укук булагы» долбоорунун өкүлүнөн турган комиссия байгелүү орундарды төмөнкүдөй тартипте бөлүштүрүү чечимин бир добуштан кабыл алды:

- Карабаев Ислам Азаматович, Кыргызстан Эл аралык университетинин юриспруденция факультетинин 2-курсунун студенти I даражадагы диплом жана ноутбук сыйлыктапрына ээ болду;

- Касымалиева Айзат Сүйүналиевна, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин 3-курсунун студенти II даражадагы диплом жана планшет сыйлыктарын алды;

- Камчыбекова Нурболсун Тилековна, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин юриспруденция факультетинин 4-курсунун студенти III даражадагы диплом жана смартфон менен сыйланды.




Сынак комиссиясы төмөнкү студенттердин сынактык иштерин дагы өзгөчө белгилөөнү чечти:

- Р.М. Осмоналиева – Кыргыз Россия Славян университетинин студенти;

- Э.М. Мирланова – Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык университетинин студенти;

- Б.Э. Аильчинова – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенти;

- А.А. Адылбекова – И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин студенти;

- Т.Ш. Сабырбеков – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенти;

- Б.Э. Сулкайдарова – Кыргыз Россия Славян университетинин студенти.

## Конституционализмдин жайкы мектептери

Конституциялык соту коомдун ар кандай топторунун өкүлдөрү үчүн конституционализмдин ар жылдык жайкы мектептерин өткөрүүнүн жакшы салтын улантып, 2022-жылдын 3-6-июлдарында «Адилет» Укуктук клиникасы коомдук фонду менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери, адвокаттар жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү үчүн конституционализмдин жайкы мектебин өткөрдү.

Иш-чарага КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) Атыр Абдрахматова жана КР Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин төрагасы Билим Райымкулов катышты.



Конституционализм мектеби катышуучулар үчүн Конституциялык соттун ишмердүүлүгү жана жалпысынан конституциялык сот адилеттиги жөнүндө укуктук агартуу максатында өткөрүлдү.

Иш-чаранын алкагында Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев, Конституциялык соттун судьясы Ч.А. Айдарбекова, Конституциялык соттун аппарат жетекчиси М.Т. Джаманкулов жана Конституциялык соттун аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери К. Алыбаев жана Н. Нурбекова катышуучуларга конституциялык соттун мамлекеттик бийлик органдарынын тутумундагы орду жана ролу, Конституциялык сотко кайрылууларга карата жалпы талаптар, Конституциялык сотто иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү, анын чечимдеринин юридикалык күчү жана аларды аткаруунун тартиби жөнүндө айтып беришти.

Өз кезегинде катышуучулар Кыргызстандагы конституциялык сот адилеттигин өнүктүрүүгө, Конституциялык соттун ишинин өзгөчөлүгүнө, анын башка сот органдарынан айырмаланышына тиешелүү маселелерге да активдүү катышып, жооп алышты.



Иш-чаранын аягында катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.

Белгилей кетүүчү нерсе, конституционализмдин жайкы мектептери Конституциялык сот тарабынан 2014-жылдан бери өткөрүлүп келет.




Үстүбүздөгү 2022-жылдын 6-9-июлдарында ушундай эле иш-чара жергиликтүү соттордун судьялары жана мамлекеттик органдардын юридикалык кызматтарынын өкүлдөрү үчүн Европа Биримдигинин «Кыргыз Республикасында укуктун үстөмдүгүн бекемдөөгө көмөктөшүү-2-фаза» долбоорунун колдоосу менен өткөрүлдү.



Конституционализмдин жайкы мектебинин максаты болуп катышуучулардын Конституциялык соттун иши жөнүндө билим деңгээлин жогорулатуу, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо системасындагы мындай органдын ролу менен маанисин түшүндүрүү, судьяларга Конституциялык сотко суроо-талап менен кайрылуу тартиби, ченем жаратуучу жана башка мамлекеттик органдардын юридикалык кызматтарынын өкүлдөрүнө алардын конституциялык сот өндүрүшүнө катышуу формалары жөнүндө маалымат берүү саналат.



Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамга ылайык Конституциялык сотко кайрылуунун субъектилеринин бири болуп Кыргыз Республикасынын судьясы (судьялары) саналат. Эгерде ар кандай сот инстанциясында ишти кароодо иштин чечилиши көз каранды болгон мыйзамдын же башка ченемдик укуктук

актынын конституциялуулугу жөнүндө маселе келип чыкса, анда сот Конституциялык сотко суроо-талапты жиберет.



Конституциялык сотто талашылып жаткан ченемдик укуктук актыны чыгарган, кол койгон ченем жаратуучу органдар же кызмат адамдары, адатта, каралып жаткан иш боюнча ар дайым жоопкер тарап болуп саналат. Мындан тышкары, ченем жаратуучу органдар жана башка мамлекеттик органдар каралып жаткан ченемдик укуктук актынын маанисин ачууда үчүнчү жак катары тартылышы мүмкүн. Ушуга байланыштуу мамлекеттик органдардын, өзгөчө ченем жаратуучу органдардын Конституциялык соттун сот отурумдарында өкүлчүлүгү маселеси анын практикасында актуалдуу болуп саналат.



Ошентип, иш-чаранын жүрүшүндө катышуучуларга судьялардын Конституциялык сотко суроо-талап менен кайрылуу тартибинин өзгөчөлүктөрү, мамлекеттик органдардын конституциялык сот өндүрүштүн ар кандай стадияларында жоопкер тарап жана үчүнчү жактар катары катышуусу, ошондой эле Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу көйгөйлөрү жөнүндө маалымат берилди.


# Конституциялык соттун Аппараты

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 56-беренесине ылайык Конституциялык соттун аппараты:

- Конституциялык соттун ишин кадрдык, уюштуруучулук, илимий-талдоочулук, маалыматтык-билдирүү, материалдык-техникалык жана башка жактан камсыздайт;
- конституциялык сот өндүрүшү менен байланышпаган маселелер боюнча келгендерди кабыл алат;
- Конституциялык соттун дарегине келген кайрылууларды алдын ала тартипте жана Конституциялык соттун судьялары тарабынан иликтөөнү талап кылган маселелерди козгобогон учурларды карайт;
- судьяларга иштерди жана башка маселелерди отурумдарда жана кеңешмелерде кароого даярдоодо көмөк көрсөтөт;
- Конституциялык соттун актыларынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишин изилдейт жана жалпылайт;
- белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде башка иштерди жүзөгө ашырат.

Конституциялык соттун аппаратынын кызматкерлери мамлекеттик кызматкерлер болуп саналат, алар мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө, ошондой эле эмгек жөнүндө мыйзамдарга ылайык аппарат жетекчиси тарабынан кызмат орундарына дайындалат жана бошотулат.

## Аппараттын түзүмү





**Марат Тургунбаевич Джаманкулов**

Конституциялык соттун аппарат жетекчиси

кабылдама: (0312)660547
эл. почта: m.dzhamankulov@constsot.kg

**Абилов Улан Женишович**

Төраганын кеңешчиси

байланыш: (0312) 620240
эл. почта: u.abilov@constsot.kg





**Жыргалбеков Эламан Жыргалбекович**

Төраганын жардамчысы

байланыш: (0312) 621611
эл. почта: e.zhyrgalbekov@constsot.kg

**Жылдыз Ашымбековна Жороева**

Пресс-катчысы

байланыш: (0552)053054
эл. почта: zh.zhoroeva@constsot.kg
pr.constsotkg@gmail.com





**Кубанычбек Дайырбекович Алыбаев**


Эксперттик-аналитикалык башкармалыктын начальниги

байланыш: (0312)621524
эл. почта: k.alybaev@constsot.kg

**Назгуль Садырбаевна Нурбекова**

Аналитика бөлүмүнүн башчысы

байланыш: (0312)660783
эл. почта: n.nurbekova@constsot.kg





**Сергей Николаевич Демин**

Укуктук жана уюштуруучулук камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу

байланыш: (0312)621517
эл. почта: s.demin@constsot.kg

**Эркин Токтогонович Элтинов**

Персоналды башкаруу жана документтештирүүнү камсыздоо бөлүмүнүн башчысы

байланыш: (0312)662153
эл. почта: E.Eltinov@constsot.kg





**Каныбек Толубаевич Масалбеков**

Эл аралык байланыш жана мыйзамдардын салыштырма талдоосу бөлүмүнүн башчысы

байланыш: (0312)622071
эл. почта: k.masalbekov@constsot.kg

**Айзада Макеновна Бокоева**

Каржы-чарба бөлүмүнүн башчысы

байланыш: (0312) 622063
эл. почта: a.bokoeva@constsot.kg





**Улан Бердибекович Абылабеков**

Маалыматтык технологиялар секторунун башчысы

байланыш: (0312)660144
эл. почта: u.abylabekov@constsot.kg

# Конституциялык соттун аппаратынын дараметин жогорулатуу

Конституциялык соттун аппаратынын натыйжалуу ишин камсыз кылуу максатында анын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн белгилүү бир шарттар түзүлөт.

2022-жылдын 15-16-июндарында «Жашоо укугу» темасында Азиянын конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттардын ассоциациясынын (АКСА) 3-изилдөө конференциясы болуп өттү.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун аппаратынын эксперттик-аналитикалык башкармалыгынын аналитика бөлүмүнүн улук консультанты С.Самсалиева жана эксперттик-аналитикалык башкармалыктын укуктук жана уюштурууну камсыздоочу бөлүмүнүн консультанты Н.Кененсариева катышты.



Конференциянын уюштуруучусу Кореянын Конституциялык сотунда жайгашкан АКСАнын Изилдөө жана өнүктүрүү катчылыгы. Иш-чара видеоконференция түрүндө өтүп, анын жүрүшүндө С. Самсалиева «Өмүр жана саламаттык үчүн бакубат экологиялык таза чөйрөгө болгон укук» деген темада тематикалык баяндама жасады.

Жалпысынан катышуучулар жашоого болгон укук маселелери боюнча пикир жана тажрыйба алмашып, тандалган теманын актуалдуулугун белгилешти.

2022-жылдын 22-26-августтарында аппарат кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунда «Мамлекеттик сатып алууларды башкаруу» темасы боюнча окуу курсунан өтүштү.

2022-жылдын 21-24-сентябрларында аппараттын кызматкерлери К. Алыбаев, эксперттик-аналитикалык башкармалыктын начальниги, Ж. Ашırматова, эксперттик-аналитикалык башкармалыктын улук консультанты, Түркиянын Анкара шаарында өткөн Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын Ассоциациясынын адам

ресурстарын окутуу жана өнүктүрүү борборунун 10-жайкы мектебине катышты. Мектептин темасы «Негизги укуктарды жана эркиндиктерди коргоодо Конституцияны чечмелөө» болду.






2022-жылдын 26-27-сентябрларында Аналитика бөлүмүнүн улук консультанты Ч. Шергазиев Фольксваген Фондунун колдоосу менен Билефельд университети менен кызматташтыкта «Ала-Тоо» Эл аралык университети тарабынан уюштурулган «Электрондук сот адилеттиги: санариптик доордогу көйгөйлөр жана перспективалар» эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты.



Ч.Шергазиев «Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун ишмердүүлүгүн санариптештирүүгө сереп: жетишкендиктер жана пландар» аттуу баяндамасы менен чыгып сүйлөдү.



2022-жылдын 21-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан семинар уюштурулуп, ага аппараттын кызматкерлери катышты.




Семинар төмөнкү темаларда өткөрүлдү: «Сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу. Ишкердик байланыштын түрлөрү. Ишкердик байланыштын бир түрү катары ишкердик кат алышуу. Ишкердик кат алышууну укуктук жөнгө салуу. Документтерди каттоо эрежелери. Конкреттүү каттарды талдоо. Ишкердик документтердин тил стандарты» жана «Мыйзам чыгаруу техникасы жана мыйзам чыгаруу процедурасы».

Семинардын жыйынтыгы боюнча Аппараттын кызматкерлерине сертификаттар тапшырылды.




2022-жылдын 19-июнунда Кыйноолордун курмандыктарын колдоонун эл аралык күнүнө арналган мини-футбол боюнча ар жылдык VI турнир болуп өттү, ага Конституциялык соттун аппаратынын командасы катышты.


ЕЖЕГОДНЫЙ ТУРНИР ПО МИНИ ФУТБОЛУ,
ПОСВЯЩЕННЫЙ МЕЖДУНАРОДНОМУ ДНЮ